Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## январь-февраль

**Айлык чыгарылыш**

Бишкек-2026

## Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - Б. Кудайбергенов
Мүчөлөр: - Н. Керималиева
- Б. Шокенов
- Э.Кольбаев
- Н. Ишенов
- Ч. Турдубаева
- Э. Исенкулова
- А.Мамоева

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374; телефон: 996 (312) 625662;
факс: 66-01-38; интернет: www.stat.gov.kg;
e-mail: nsc_mail@stat.kg;

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Статистикалык маалыматтарды жана коммуникацияларды жайылтуу башкармалыгы

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2026-жылдын январь-февралындагы өлкөнүн экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансылык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы: 15 нуска.

Басылма электрондук сактагычтарда да бар.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү ("Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2026-ж. 19-марты.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;
... маалымат жок;
0,0 көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

Басылманын электрондук версиясы колдонуучулар үчүн Улутстаткомдун расмий сайтында https://www.stat.gov.kg/kg/publications/doklad-socialno-ekonomicheskoe-polozhenie-kyrgyzskoj-respubliki/ дареги боюнча жеткиликтүү, ошондой эле тиркелген QR коду менен да пайдаланууга болот.

# М а з м у н у

**1. Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү ..........5**

**2. Сектордук баян ..........6**

**Реалдуу сектор ..........6**

**Мамлекеттик сектор ..........38**

**Тышкы сектор ..........44**

**Социалдык сектор ..........50**

**3. 2025-жылдагы туризм чөйрөсүнүн абалы жөнүндө ..........54**

**Тиркеме**

I. Реалдуу сектор 113

II. Тышкы сектор 121

## 1-таблица: Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

| | 2026 январь-февралы | 2026 январь-февралы 2025 январь-февралына карата пайыз менен | 2026 февралы пайыз менен | | Маалымдоо: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2025 февралына карата | 2026 январына карата | 2025[1] январь-февралы 2024 январь-февралына карата пайыз менен | 2025 февралы[1] пайыз менен | |
| | | | | | | 2024 февралына карата | 2025 январына карата |
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча), млн. сом | 264 052,5 | 108,8 | - | - | 110,4 | - | - |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү -бардыгы, млн. сом | 147 813,0 | 115,5[2] | 113,1[2] | 98,2[2] | 118,7[2] | 123,2[2] | 94,6[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 29 782,7 | 102,6 | 101,8 | 102,7 | 101,6 | 101,9 | 106,6 |
| Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | 17 851,2 | 108,4 | 104,1 | 196,3 | 107,7 | 99,6 | 222,4 |
| Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү, млн. сом | 18 026,0 | 123,2 | 122,1 | 219,5 | 103,3 | 99,3 | 225,9 |
| Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жалпы көлөмү, млн. сом | 303 397,2 | 111,4 | 111,6 | 99,9 | 126,8 | 108,2 | 92,4 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү, млн. сом | 7 614,3 | 113,2 | 116,1 | 116,5 | 137,2 | 128,8 | 93,9 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 9 181,5 | 107,1 | 104,5 | 86,9 | 110,3 | 100,8 | 94,3 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү, миң адам | 116 066,4 | 105,5 | 108,4 | 120,5 | 118,9 | 123,4 | 106,7 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 109,6 | 109,7 | 101,2 | 106,9 | 107,0 | 101,0 |
| мурунку жылдын декабрына карата | 101,9 | | | | | | |
| Кызматкерлердин номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 45 797 | 116,4 [4] | - | 76,4[5] | 116,9[4] | - | 77,0[5] |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 38,0 | 78,5 | 105,8 | 167,8 | 74,3 | 74,8 | 116,0 |
| Тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү[6], млн. АКШ доллары | 1 052,0 | 102,0[4] | - | 70,3[5] | 85,3[4] | - | 61,7[5] |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| экспорт | 126,8 | 79,7 | - | 59,7 | 82,5 | - | 28,9 |
| импорт | 926,1 | 106,1 | - | 72,0 | 85,9 | - | 77,9 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.

[2] Физикалык көлөмдүн индекси.

[3] 2026-ж январь (чакан ишканаларды эсепке албаганда).

[4] 2026-ж. январы жана 2025-ж. январы мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен.

[5] 2026-ж. январы жана 2025-ж. январы мурунку айга карата пайыз менен.

[6] 2026-ж январь.

## Сектордук баян

## Реалдуу сектор

**Өнөр жай.** 2026-жылдын январь-февралында 147 813,0 млн. сом суммасында өнөр жай продукциялары өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2025-ж. январь-февралына карата 115,5 пайызды түздү. 2026-жылдын февралында 77 228,2 млн. сом суммасында өнөр жай продукциялары өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2025-ж. февралына карата 113,1 пайызды түздү.

**2-таблица: Январь-февралдагы өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү**

*(млн. сом)*

| | 2025 | | 2026 | |
|---|---|---|---|---|
| | **февраль** | **январь-февраль** | **февраль** | **январь-февраль** |
| **Бардыгы** | **63 914,5** | **116 026,8** | **77 228,2** | **147 813,0** |
| Пайдалуу кендерди казуу | 4 716,9 | 9 124,3 | 7 273,1 | 14 503,3 |
| Иштетүү өндүрүшү | 48 955,4 | 85 468,3 | 59 743,3 | 111 226,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 9 721,8 | 20 423,2 | 9 624,4 | 20 937,9 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 520,4 | 1 011,0 | 587,4 | 1 145,2 |

Өнөр жай өндүрүшүнүн 2025-жылдын январь-февралына салыштырмалуу өсүшү химиялык продукциялардын (3,1 эсеге), фармацевтикалык продукциялардын (1,7 эсеге), резина жана пластмасса буюмдарынын, курулуш материалдарынын, жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдардын, полиграфиялык ишмердүүлүк продукцияларынын (1,6 эсеге), транспорт каражаттарынын (42,4 пайызга), тазаланган мунай продукцияларынын (18,2 пайызга), тамак-аш азыктарынын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки продукцияларынын (16,8 пайызга), негизги металлдардын жана даяр металл буюмдарынын (11,0 пайызга), ошондой эле пайдалуу кендерди казуу көлөмүнүн (47,2 пайызга) көбөйүшү менен камсыздалды.

**3-таблица: Январь-февралдагы өнөр жай продукцияларынын физикалык көлөмүнүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2025 | | 2026 | |
|---|---|---|---|---|
| | **февраль** | **январь-февраль** | **февраль** | **январь-февраль** |
| **Бардыгы** | **123,2** | **118,7** | **113,1** | **115,5** |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **89,9** | **96,8** | **152,8** | **147,2** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 153,5 | 123,3 | 99,7 | 107,6 |
| Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 88,2 | 89,8 | 100,1 | 88,6 |
| Металл рудасын казуу | 80,6 | 93,8 | 185,0 | 175,0 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 167,9 | 122,0 | 231,3 | 403,0 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **132,0** | **122,8** | **112,9** | **115,8** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 188,9 | 170,6 | 117,9 | 116,8 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары жана булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү | 107,9 | 100,3 | 114,4 | 100,1 |

| | 2025 | | 2026 | |
|---|---|---|---|---|
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдар өндүрүшү, басмакана ишмердиги | 144,5 | 121,0 | 148,7 | 160,6 |
| Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү | 233,9 | 254,4 | 119,9 | 118,2 |
| Химиялык продукцияларды өндүрүү | 97,8 | 85,4 | 367,7 | 305,6 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 167,1 | 153,0 | 206,7 | 170,8 |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продукцияларды өндүрүү | 136,1 | 128,4 | 144,9 | 156,7 |
| Машина жана жабдуу өндүрүшүнөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарды өндүрүү | 117,8 | 101,2 | 107,1 | 111,0 |
| Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдууларды өндүрүү | 59,5 | 42,3 | 23,6 | 30,7 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 92,7 | 64,3 | 52,2 | 76,7 |
| Машина жана жабдууларды өндүрүү | 58,9 | 17,8 | 139,2 | 115,1 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 166,4 | 164,7 | 149,5 | 142,4 |
| Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну оңдоо жана орнотуу | 57,9 | 62,9 | 132,0 | 140,6 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондиционерленген аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **112,1** | **115,0** | **85,4** | **92,2** |
| Электр энергия өндүрүү, аны берүү жана бөлүштүрүү | 105,0 | 108,1 | 82,5 | 90,6 |
| Газ өндүрүшү; газ жабдуу тутуму аркылуу газ түрүндөгү күйүүчү отунду бөлүштүрүү | 108,1 | 119,8 | 92,6 | 99,6 |
| Буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 163,4 | 155,8 | 95,2 | 96,0 |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **122,2** | **121,2** | **114,8** | **114,7** |
| Сууну чогултуу, иштетүү, бөлүштүрүү (суу менен жабдуу) | 122,4 | 123,2 | 111,4 | 109,9 |
| Агын сууларды чогултуу, иштетүү | 117,5 | 113,4 | 113,5 | 115,6 |
| Калдыктарды чогултуу, иштетүү жана жок кылуу, кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 133,3 | 127,5 | 112,5 | 115,4 |
| Тазалоо жана башка калдыктарды иштетүү | 114,9 | 115,5 | 125,6 | 126,0 |

2026-жылдын январь-февраль айларында Талас облусунан башка бардык аймактарда өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн өсүшү байкалган.

**4-таблица: Январь-февралдагы өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, млн. сом | | | | Физикалык көлөмдүн индекси, пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Кыргыз Республикасы** | **63 914,5** | **116 026,8** | **77 228,2** | **147 813,0** | **123,2** | **118,7** | **113,1** | **115,5** |
| Баткен облусу | 755,3 | 1 496,9 | 839,6 | 1 592,6 | 130,3 | 126,9 | 122,7 | 128,1 |
| Жалал-Абад облусу | 4 091,6 | 7 449,0 | 4 886,6 | 9 659,3 | 88,3 | 102,3 | 162,4 | 152,6 |
| Ысык-Көл облусу | 11 189,9 | 25 096,9 | 12 708,2 | 28 585,8 | 120,8 | 111,9 | 113,5 | 114,4 |
| Нарын облусу | 1 784,6 | 2 426,5 | 2 657,4 | 3 580,0 | 255,2 | 183,4 | 99,6 | 112,2 |
| Ош облусу | 996,4 | 1 850,2 | 1 398,3 | 2 866,3 | 130,4 | 111,5 | 135,4 | 135,2 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы, млн. сом | | | | Физикалык көлөмдүн индекси, пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Талас облусу | 3 299,1 | 6 846,2 | 6 175,1 | 11 454,7 | 106,2 | 106,3 | 108,3 | 97,7 |
| Чүй облусу | 29 658,3 | 46 844,1 | 34 529,1 | 62 090,6 | 147,9 | 138,6 | 110,2 | 127,4 |
| Бишкек ш. | 10 942,2 | 21 632,3 | 12 691,5 | 25 301,4 | 111,0 | 107,5 | 114,9 | 115,3 |
| Ош ш. | 1 197,1 | 2 384,7 | 1 342,4 | 2 682,3 | 137,0 | 135,3 | 111,9 | 110,8 |

2026-жылдын январь-февралында өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө пайдалуу кендерди казуунун үлүшү - 9,8 пайызды, иштетүү өндүрүшү - 75,2 пайызды, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо - 14,2 пайызды, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки заттарды алуу - 0,8 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу* продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү 2026-ж. январь-февралында 14 503,3 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2025-ж. январь-февралына карата 147,2 пайызды, февралда тиешелүүлүгүнө жараша 7 273,1 млн. сомду жана 152,8 пайызды түздү.

Башка пайдалуу кендерди өндүрүү көлөмү 4 эсеге, металл рудаларын казуу - 1,8 эсеге, көмүр казуу - 7,6 пайызга көбөйдү.

Муну менен бирге, чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү көлөмү 11,4 пайызга, азайды.

**5-таблица: Январь-февралдагы пайдалуу кендердин негизги түрлөрүнүн казылышы**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу** | | | | | | | | |
| Таш көмүр, миң т | 106,6 | 210,9 | 93,1 | 161,9 | 149,8 | 64,1 | 87,4 | 76,8 |
| Күрөң көмүр (лигнит), миң т | 315,3 | 575,7 | 333,2 | 713,7 | 160,9 | 143,8 | 105,7 | 124,0 |
| **Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Чийки мунайзат, миң т | 21,5 | 44,5 | 21,6 | 39,3 | 87,4 | 89,0 | 100,5 | 88,3 |
| Суюк же газ түрүндөгү жаратылыш газы, млн. $м^3$ | 3,3 | 6,9 | 2,9 | 6,8 | 122,2 | 121,1 | 87,9 | 98,6 |
| **Башка пайдалуу кендерди казуу** | | | | | | | | |
| Жаратылыш куму, миң т | 44,1 | 90,6 | 97,9 | 130,1 | 179,9 | 193,1 | 222,2 | 143,6 |
| Кесек шагыл, таштын күкүмдөрү, майда таш, шагыл, миң т | 64,6 | 127,1 | 188,4 | 333,7 | 171,3 | 210,5 | 291,5 | 262,6 |

*Иштетүү өндүрүшүнүн* продукцияларынын көлөмү 2026-ж. январь-февралында 111 226,6 млн. сомду түздү, анын ичинде машина жана жабдууларды өндүрүүдөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү - 75 467,4 млн. сомду (алардын жалпы көлөмүнүн 67,9 пайызы), тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын өндүрүү - 16 602,8 млн. сомду (14,9 пайыз), резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү - 9 136,1 млн. сомду (8,2 пайыз), текстиль өндүрүшү, кийим жана бут кийим, булгаары жана булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү - 2 607,7 млн. сомду (2,3 пайызды), тазаланган мунайзат продуктыларын

өндүрүү 4 126,1 млн. сомду (3,7 пайызды) түздү. Физикалык көлөмдүн индекси 2026-ж. январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу жалпысынан тармак боюнча 115,8 пайызды, 2025-ж. февралына салыштырмалуу - 112,9 пайызды түздү.

2026-жылдын январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу химиялык продукцияларды өндүрүүдөгү көлөмдүн көбөйүшү (3,1 эсеге), самын, жуучу каражаттарды, тазалоочу жана жылтыраткыч каражаттарды өндүрүүнүн (5,9 эсеге) өсүшү менен камсыздалган.

Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүүдө көлөмдүн (1,7 эсеге) өсүшү дары-дармектерди чыгаруунун (1,8 эсеге) өсүшү менен камсыздалган.

Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүдөгү көлөмдүн жогорулашы (1,6 эсеге) курулуш материалдарын өндүрүүнүн өсүшү менен шартталды. Цемент жана айнек тилкелерин өндүрүү 1,7 эсеге өстү.

Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдарды өндүрүү, полиграфиялык ишмердүүлүктүн (1,6 эсеге) өсүшү полиграфия ишмердүүлүктүн (2,1 эсеге) жана кагаз жана картон өндүрүүнүн (11,6 пайызга) өсүшүнүн эсебинен камсыз кылынган.

Транспорт каражаттарын өндүрүүнүн (42,4 пайызга) өсүшү автомобиль өндүрүшүнүн өсүшү менен шартталган.

Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүдөгү көлөмдүн көбөйүшү (18,2 пайызга), дизель майын (40,3 пайызга) жана бензинди (9,0 пайызга) өндүрүүнүн өсүшү менен шартталды

Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүүдөгү көлөмдүн (16,8 пайызга) көбөйүшү алкоголсуз суусундуктарды өндүрүүнүн (30,6 пайызга), мөмө-жемиштерди жана жашылчаларды кайра иштетүү жана консервалоо (25,5 пайызга), нан азыктарын (24,0 пайызга), өсүмдүк майлары жана тоң майларды (18,2 пайызга), эт азыктарын (7,8 пайызга) жана унду (5,3 пайызга) өндүрүүнүн өсүшүнөн улам камсыздалды.

Негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын өндүрүү көлөмүнүн өсүшү (11,0 пайызга) негизинен түстүү металлдарды өндүрүүнүн (5,2 пайызга) көбөйүшүнүн эсебинен жетишилди.

**6-таблица: Январь-февралдагы иштетүү тармактарындагы продукциялардын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| **Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү** | | | | | | | | |
| Ири мүйүздүү малдын, чочконун, койдун, эчкинин, жылкынын эти жана тамак-аш субпродуктулары, жаңы союлган же муздатылган, т | 1 190,5 | 2 370,4 | 1 241,3 | 2 483,8 | 99,8 | 98,7 | 104,3 | 104,8 |
| Иштетилген суюк сүт, т | 4 399,0 | 9 012,7 | 3 246,0 | 7 990,5 | 136,8 | 126,2 | 73,8 | 88,7 |
| Кайнатылбаган (тазаланбаган) май жана өсүмдүк майлары, т | 506,4 | 1 013,2 | 566,9 | 1 206,4 | 92,9 | 105,7 | 111,9 | 119,1 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Дан эгиндердин жана башка өсүмдүктөрдүн уну; алардын аралашмасы жана байытылганы, миң т | 22,7 | 42,5 | 24,1 | 48,5 | 116,2 | 113,5 | 106,0 | 114,2 |
| Жаңы бышкан нан, миң т | 7,1 | 14,0 | 7,3 | 14,4 | 105,6 | 106,8 | 102,9 | 102,9 |
| Башка алкоголсуз суусундуктар, миң литр | 21 966,7 | 45 723,3 | 34 001,6 | 63 563,8 | 154,2 | 140,0 | 154,8 | 139,0 |
| **Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Кездемелер, миң. кв. м | 1 661,7 | 4 290,9 | 2 193,3 | 3 584,7 | 109,3 | 156,5 | 132,0 | 83,5 |
| Эркектер жана балдар үчүн сырткы кийимдер (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 384,3 | 746,3 | 318,1 | 606,5 | 132,1 | 114,3 | 82,8 | 81,3 |
| Аялдар жана кыздар үчүн сырткы кийим (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 1 346,6 | 2 523,1 | 1 308,1 | 2 472,8 | 133,7 | 120,4 | 97,1 | 98,0 |
| Ич кийимдер (трикотаж, машинадан же колго токулгандан башка), миң даана | 1374,6 | 3311,1 | 1230,7 | 1889,1 | 39,2 | 60,3 | 89,5 | 57,1 |
| Ири мүйүздүү малдын же жылкы тукумундагы жүнсүз жаныбарлардын терисинен жасалган булгаары, миң $дм^2$ | 122,2 | 311,9 | 229,6 | 430,9 | 55,3 | 87,5 | 187,9 | 138,2 |
| Бут кийим, миң түгөй | 211,1 | 326,5 | 143,5 | 267,4 | 154,5 | 140,7 | 68,0 | 81,9 |
| **Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык азыктарды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Бөтөлкө, флакон жана ушул өңдүү пластмассадан жасалган буюмдар, млн даана | 73,7 | 118,5 | 77,2 | 148,5 | 148,1 | 120,0 | 104,8 | 125,4 |
| Пластмассадан жасалган эшик, терезе, алардын четиндеги жыгачтары, эшиктин босогосу, жалюзи жана ушул өңдүү буюмдар жана алардын бөлүктөрү, миң кв.м | 10,3 | 23,3 | 19,5 | 35,7 | 108,5 | 117,8 | 189,6 | 153,5 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Цемент, миң т | 173,8 | 291,7 | 287,8 | 493,3 | 175,4 | 148,1 | 165,6 | 169,1 |
| Товардык бетон, миң т | 210,5 | 365,9 | 258,1 | 489,9 | 103,5 | 110,1 | 122,6 | 133,9 |
| Отко чыдамдуу эмес керамикалык курулуш кирпичтери жана ушул өңдүү отко чыдамдуу эмес керамикалык буюмдар, млн. даана | 2 732,1 | 6 152,8 | 4 176,0 | 7 944,3 | 74,7 | 81,1 | 152,8 | 129,1 |
| **Машина жана жабдууларды өндүрүүдөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Металл конструкциялар жана алардын бөлүктөрү, т | 2 327,7 | 4 097,4 | 2 715,4 | 4 227,5 | 122,4 | 129,3 | 116,7 | 103,2 |
| Курама курулуш металл конструкциялары, т | 90,9 | 173,7 | 244,2 | 402,2 | 28,2 | 41,2 | 268,6 | 231,5 |
| Чатырдын панелдери (металл черепица), т | 318,6 | 548,4 | 337,1 | 614,9 | 112,2 | 93,7 | 105,8 | 112,1 |
| **Электр жабдууларын өндүрүү** | | | | | | | | |
| 16 кВА дан көп эмес кубаттуулуктагы башка трансформаторлор, даана | 1481 | 2947 | 1333 | 2711 | 73,5 | 82,9 | 90,0 | 92,0 |
| Үй тиричилик кир жуугуч машиналары, даана | 3200 | 7200 | 3300 | 7300 | 72,7 | 67,6 | 103,1 | 101,4 |

2026-жылдын январь-февралында *электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуу)* көлөмү 20 937,9 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2025-ж. январь-февралына карата 92,2 пайызды, февралда тиешелүүлүгүнө жараша 9 624,4 млн. сомду жана 85,4 пайызды түздү. Электр энергия, газ жана буу менен камсыз кылуунун көлөмүнүн кыскарышы электр энергиясын өндүрүүнүн (14,1 пайызга) төмөндөшүнө байланыштуу.

**7-таблица: Январь-февралдагы электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Электр энергия, млн. кВт с | 1 713,8 | 3 723,2 | 1 332,5 | 3 215,1 | 99,7 | 108,4 | 77,8 | 86,4 |
| Буу жана ысык суу (жылуулук энергиясы), миң Гкал | 515,3 | 1 125,6 | 428,3 | 1 009,1 | 99,6 | 104,6 | 83,1 | 89,6 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (сатылып алынган электр энергиясынын наркы кошулбайт), млн. сом | 2 483,5 | 5 180,0 | 2 047,5 | 4 824,3 | 106,2 | 122,1 | 82,4 | 93,1 |
| Газ түрүндөгү күйүүчү отунду бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, магистралдан тышкары (сатылып алынган газдын наркы кошулбайт), млн. сом | 309,9 | 622,8 | 286,0 | 616,4 | 105,0 | 118,0 | 92,3 | 99,0 |

2026-жылдын январь-февралында *суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки заттарды алуунун* көлөмү 1 145,2 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2025-ж. январь-февралына карата 114,7 пайызды, февралда тиешелүүлүгүнө жараша 587,4 млн. сомду жана 114,8 пайызды түздү. 2025-жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу көлөмдүн өсүшү сууну чогултуунун, кайра иштетүүнүн жана бөлүштүрүүнүн 9,9 пайызга көбөйүүсү менен камсыз кылынды.

**8-таблица: Январь-февралдагы суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль | февраль | январь-февраль |
| Жаратылыш суусу, млн. $м^3$ | 17,1 | 34,2 | 19,7 | 38,9 | 128,9 | 129,4 | 114,8 | 113,7 |
| Калдыктарды жана металл сыныктарын (кара, түстүү) кайра иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 22,5 | 40,1 | 22,6 | 44,0 | 94,9 | 87,4 | 100,2 | 109,7 |
| Канализация, жок кылуу, агын сууларды ташуу жана аларды иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 68,8 | 133,9 | 78,1 | 154,8 | 112,2 | 111,0 | 113,5 | 115,6 |
| Айлана-чөйрөдөгү булгоолордон рекультивациялоо (калыбына келтирүү) жана тазалоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 115,9 | 217,6 | 145,6 | 274,1 | 114,5 | 115,2 | 125,6 | 126,0 |

**1-график: Январь-февралдагы өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн аймактар боюнча физикалык көлөмүнүн индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**2-график : Февраль айындагы айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен)*



**Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук.** 2026-жылдын январь-февралында айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын дүң чыгарылышы 29 782,7 млн. сом өлчөмүндө түзүлдү, мында физикалык көлөмдүн индекси 102,6 пайызды түздү.

**9-таблица: Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулуктун продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Январь | 101,4 | 103,5 | - | - |
| Февраль | 101,8 | 101,9 | 106,6 | 102,7 |
| Январь-февраль | 101,6 | 102,6 | - | - |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө мал чарба продукциялары 98,3 пайызды, өсүмдүк өстүрүүчүлүк - 1,1 пайызды, балык уулоочулук - 0,2 пайызды жана кызмат көрсөтүүлөр 0,4 пайызды түздү.

Дыйкан (фермер) чарбаларынын жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларынын үлүшүнө продукциялардын жалпы көлөмүнүн 93,5 пайызы туура келди.

Быйылкы жылдын январь-февралындагы айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн өсүүсү мал чарба тармагынын продукцияларын өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды.

**10-таблица: 2026-жылдын январь-февралындагы айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын аймактар боюнча дүң чыгарылышы**

| | Млн. сом (учурдагы баа менен) | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республиксы** | **29 782,7** | **102,6** | **100,0** |
| Баткен облусу | 1 850,1 | 101,4 | 6,2 |
| Жалал-Абад облусу | 4 451,4 | 102,4 | 14,9 |
| Ысык-Көл облусу | 4 375,5 | 102,1 | 14,7 |
| Нарын облусу | 4 496,4 | 101,3 | 15,1 |
| Ош облусу | 4 884,3 | 103,5 | 16,4 |
| Талас облусу | 1 770,6 | 101,3 | 5,9 |
| Чүй облусу | 7 464,9 | 105,5 | 25,1 |
| Бишкек ш. | 294,5 | 81,2 | 1,0 |
| Ош ш. | 194,9 | 86,9 | 0,7 |

Республиканын айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук продукцияларынын дүң чыгарылышынын жалпы көлөмүндөгү эң жогорку салыштырма салмакты Чүй облусу (25 пайызды) ээлейт.

Республиканын чарбаларында 2026-ж. жаздык себүүгө үрөндөрдү даярдоо иштери башталды.

**11-таблица: 2026-жылдын 1-мартына карата жаздык себүүгө арналган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүнүн болуусу жана муктаждыгы[1]**

*(миң тонна)*

| | Талап | Болгону | Талапка салыштырмалуу үрөндүн болгону, пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Буудай | 21,5 | 18,3 | 85,3 |
| Арпа | 45,3 | 39,9 | 87,9 |
| Жүгөрү | 2,3 | 2,1 | 90,8 |
| Дан буурчак | 4,3 | 4,3 | 100,0 |
| Күрүч | 0,97 | 0,95 | 97,9 |

| | Талап | Болгону | Талапка салыштырмалуу үрөндүн болгону, пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Кант кызылчасы, т | 33,6 | 19,7 | 58,6 |
| Пахта | 0,6 | 0,4 | 65,5 |
| Тамеки, т | 0,07 | 0,07 | 100,0 |
| Картошка | 193,4 | 188,7 | 97,6 |

[1]Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин Айыл-чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинин маалыматтары боюнча берилди.

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинин маалыматтары боюнча 21,5 миң тонна көлөмдөгү буудайдын үрөнүнө болгон муктаждыктан республикада быйылкы жылдын 1-мартына карата 85,3 пайызы бар, 45,3 миң тонна көлөмдөгү арпанын үрөнүнө болгон муктаждыктан 87,9 пайызы бар. 33,6 тонна көлөмдөгү кант кызылчасынын үрөнүнө болгон муктаждыктан 58,6 пайызы бар, 0,6 миң тонна көлөмдөгү пахтанын үрөнүнө болгон муктаждыктан 65,5 пайызы бар.

**12-таблица: 2026-жылдын 1-мартына карата аймактар боюнча жаздык себүүгө арналган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүнүн болуусу[1]**

*(муктаждыкка карата пайыз менен)*

| | Буудай | Жүгөрү | Кант кызылчасы | Пахта | Тамеки | Картошка |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен облусу | 92,2 | 83,6 | - | - | - | 88,0 |
| Жалал-Абад облусу | 87,8 | 99,6 | - | 58,3 | - | 99,8 |
| Ысык-Көл облусу | 73,7 | - | - | - | - | 100,0 |
| Нарын облусу | 84,4 | 17,1 | - | - | - | 91,7 |
| Ош облусу | 90,6 | 88,0 | - | 78,6 | 100,6 | 93,6 |
| Талас облусу | 90,2 | 100,0 | - | - | - | 100,0 |
| Чүй облусу | 98,6 | 86,6 | 65,9 | - | 100 | 100,0 |

[1]Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин Айыл-чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинин маалыматтары боюнча берилди.

Республикада жазгы талаа иштерине карата техникаларды даярдоо иштери жүргүзүлүп жатат.

**13-таблица: 2026-жылдын 1-мартына карата айыл чарба техникаларынын жазгы талаа иштерине карата даярдыгы[1]**

| | Бардыгы | Ондолгону | болгон техникага карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Тракторлор - бардыгы | 22 362 | 18 975 | 85,0 |
| Тракторлордун соколору | 11 515 | 10 103 | 88,0 |
| Малалар | 15 636 | 13 864 | 89,0 |
| Сепкичтер | 3 429 | 2 937 | 86,0 |

[1] Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин Айыл чарбада кооперациялоо, механизациялоо жана иновациялык технологиялар департаментинин маалыматтары боюнча берилди.

Үстүбүздөгү жылдын 1-мартына карата ондолгон тракторлордун саны 85 пайызды түзгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көбөйүшү камсыздалды.

**14-таблица: Чарбалардын бардык категорияларында январь-февралда мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, тонна | Мурунку жылдын тийиштүү |
|---|---|---|

| | | | | | мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | | 2026 | | 2025 | | 2026 | |
| | январь | январь-январь | январь | январь-январь | январь | январь-февраль | январь | январь-февраль |
| Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | 32 556,8 | 64 647,2 | 32 519,6 | 65 578,5 | 103,4 | 102,5 | 99,9 | 101,4 |
| Чийки сүт | 91 162,6 | 176 267,9 | 94 743,5 | 181 621,9 | 100,8 | 100,9 | 103,9 | 103,0 |
| Жумуртка, миң даана | 48 213,5 | 94 780,2 | 63 443,2 | 122 755,2 | 101,2 | 105,2 | 131,6 | 129,5 |

Быйылкы жылдын январь-февралында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда союлуучу малдардын жана канаттуулардын этин (тирүүлөй салмакта) (1,4 пайызга), сүттү (3,0 пайызга), жумуртканы (29,5 пайызга) өндүрүүнүн өсүүсү малдардын жана үй канаттууларынын башынын көбөйүшү жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулашы менен камсыздалды.

**15-таблица: 2026-жылдын январь-февралында мал чарба продуктуларынын негизги түрлөрүнүн аймактар боюнча өндүрүлүшү**

| | Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | Жумуртка, миң даана |
|---|---|---|---|
| | *Тонна* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **65 578,5** | **181 621,9** | **122 755,2** |
| Баткен облусу | 4 141,7 | 9 502,9 | 2 501,7 |
| Жалал-Абад облусу | 9 369,2 | 25 793,3 | 6 007,4 |
| Ысык-Көл облусу | 9 366,8 | 33 537,6 | 8 079,5 |
| Нарын облусу | 11 655,0 | 15 575,2 | 428,0 |
| Ош облусу | 10 162,8 | 34 384,9 | 9 449,9 |
| Талас облусу | 4 433,8 | 9 555,9 | 1 891,1 |
| Чүй облусу | 15 653,7 | 51 503,7 | 82 971,0 |
| Бишкек ш. | 389,6 | 936,0 | 11 028,0 |
| Ош ш. | 405,9 | 832,4 | 398,6 |
| | *Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **101,4** | **103,0** | **129,5** |
| Баткен облусу | 100,5 | 101,4 | 188,5 |
| Жалал-Абад облусу | 102,0 | 102,5 | 118,4 |
| Ысык-Көл облусу | 101,1 | 102,5 | 157,1 |
| Нарын облусу | 101,2 | 101,6 | 101,4 |
| Ош облусу | 103,6 | 102,9 | 112,9 |
| Талас облусу | 101,4 | 100,8 | 101,6 |
| Чүй облусу | 102,1 | 106,0 | 137,1 |
| Бишкек ш. | 67,2 | 88,6 | 95,1 |
| Ош ш. | 87,8 | 73,7 | 84,4 |

Бир уйдан орточо саалган сүт 230,8 кг түздү. Орточо республикалык деңгээлден жогорку көрсөткүч Чүй (378,8 кг), Талас (307,8 кг), Ысык-Көл (257,9 кг) облустарынын жана Бишкек ш.(391,7 кг) чарбаларында болду.

**Курулуш.** Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2026-ж. январь-февралында 18 026,0 млн. сомду же 2025-ж. январь-февралынын деңгээлине карата 23,2 пайызга көбөйдү. Ү.ж. февралында анын көлөмү 12 383,3 млн.сомду түздү же 2025-ж. февралынын деңгээлине карата 22,1 пайызга көп.

2026-жылдын январь-февралында негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 8,4 пайызга көбөйдү (салыштырмалуу

баада) же 17 851,2 млн. сомду түздү. 2026-ж. февралында анын көлөмү 11 825,8 млн.сомду түздү же 2025-ж. февралынын деңгээлине карата 4,1 пайызга көп.

**16-таблица: Негизги капиталга инвестициялардын динамикасы**

| | Мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыздар менен | | | |
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Январь | 131,4 | 117,9 | 7,4 | 6,6 |
| Февраль | 99,6 | 104,1 | 222,4 | 196,3 |
| Январь-февраль | 107,7 | 108,4 | - | - |

2025-жылдын январь-февралына салыштырмалуу ички булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 11,5 пайызга көбөйдү, мында банктын кредиттеринин - 1,7 эсеге, республикалык бюджеттин эсебинен - 1,3 эсеге, калктын каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын эсебинен каржыланган инвестициялар 12,9 пайызга, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен - 4,3 пайызга өстү, ошол эле убакта каржыланган инвестиция жергиликтүү бюджеттин эсебинен, тескерисинче, 22,7 пайызга төмөндөдү.

Ошол эле убакта, тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү, 26,3 пайызга төмөндөдү, чет өлкөлүк кредиттердин 4,4 эсеге төмөндөшүнүн эсебинен, мында тике чет өлкөлүк инвестициялардын каржыланган инвестициялардын көлөмү - 1,5 эсеге, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен - 2,6 эсеге көбөйдү.

**17-таблица: Январь-февралындагы каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **15 180,1** | **17 851,2** | **100** | **100** |
| **Ички инвестициялар** | **13 916,6** | **16 840,1** | **91,7** | **94,3** |
| Республикалык бюджет | 1 134,1 | 1 644,3 | 7,5 | 9,2 |
| Жергиликтүү бюджет | 292,5 | 245,3 | 1,9 | 1,4 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 5 712,7 | 6 464,0 | 37,6 | 36,2 |
| Банктардын кредити | 295,3 | 545,0 | 2,0 | 3,0 |
| Калктын каражаттары жана КРдин резиденттеринин кайрымдуулук жардамынан | 6 482,0 | 7 941,5 | 42,7 | 44,5 |
| **Тышкы инвестициялар** | **1 263,5** | **1 011,1** | **8,3** | **5,7** |
| Чет өлкөлүк кредиттер | 968,6 | 230,1 | 6,2 | 1,3 |
| Тике чет өлкөлүк инвестициялар | 119,2 | 197,4 | 0,8 | 1,1 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардам | 205,7 | 583,6 | 1,3 | 3,3 |

Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук объекттеринин курулушуна негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 2026-ж. январь-февралында 1,5 эсеге көбөйдү. Каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен, ошондой эле чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен жүргүзүлдү.

2026-жылдын январь-февралында пайдалуу кендерди казуу боюнча объекттердин курулушуна негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 26,7 пайызга төмөндөдү. Каржылоо ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын, тике чет өлкөлүк инвестициялардын, ошондой эле чет өлкөлүк кредиттин эсебинен ишке ашырылды.

Иштетүү өндүрүшү объекттеринин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 1,8 эсеге көбөйдү. Каржылоо негизинен ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, тике чет өлкөлүк инвестициянын, ошондой эле банктын кредиттеринин эсебинен ишке ашырылды.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо боюнча объекттерди курууга жана реконструкциялоого багытталган өздөштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 2025-ж. январь-февралына салыштырганда 45,2 пайызга төмөндөдү. Мында инвестициялардын көлөмү негизинен ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, банктардын кредиттеринин, ошондой эле чет өлкөлүк инвестициянын эсебинен каржыланды.

Суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициялардын көлөмү 1,3 эсеге көбөйдү. Каржылоо, негизинен, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен ишке ашырылды.

Дүң жана чекене соода объекттеринин курулушуна негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүүнүн деңгээли 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 3,2 эсеге көбөйдү. Курулуш ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, калктын каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын эсебинен каржыланды.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушу негизинен республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, чет өлкөлүк кредиттердин, ишканалардын жана уюмдардын эсебинен, ошондой эле, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен каржыланды. Мында бул объекттердин курулушу үчүн өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 1,6 эсеге көбөйдү.

Мейманканалардын жана ресторандардардын курулушуна багытталган инвестициянын бардык көлөмү ишканалардын жана уюмдардын эсебинен, чет өлкөлүк кредиттердин эсебинен, калктын каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын эсебинен каржыланып 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 14,0 эсеге көбөйдү.

Маалымат жана байланыш объектерин курууга жана реконструкциялоого багытталган инвестициялардын көлөмү ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланып, 2025-ж. тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 3,7 эсеге азайды.

Билим берүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициялардын көлөмү 1,8 эсеге көбөйдү. Мында инвестициялардын жалпы көлөмү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен, ошондой эле ишканалдардын жана уюмдардын эсебинен каржыланды.

Саламаттыкты сактоо объекттеринин курулушуна багытталган инвестициялардын көлөмү 2,9 эсеге төмөндөдү. Мында каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланды.

Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттеринин курулушуна багытталган инвестициялардын көлөмү 3,5 эсеге көбөйдү жана ишканалдардын жана уюмдардын эсебинен, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланды.

**18- таблица: Январь-февралдагы экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | **Млн. сом** | | **Жыйынтыкка карата пайыз менен** | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2024** | **2025** |
| Бардыгы | **15 180,1** | **17 851,2** | **100** | **100** |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2024 | 2025 |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 41,5 | 67,0 | 0,3 | 0,4 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 2 994,6 | 2 383,8 | 19,7 | 13,4 |
| Иштетүү өндүрүшү | 876,3 | 1 681,5 | 5,8 | 9,4 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 1 229,2 | 731,3 | 8,1 | 4,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 166,9 | 243,4 | 1,1 | 1,4 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | - | 35,8 | - | 0,2 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 52,4 | 179,3 | 0,3 | 1,0 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 300,3 | 517,8 | 2,0 | 2,9 |
| Маалымат жана байланыш | 37,2 | 565,5 | 0,2 | 3,2 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 1 426,0 | 414,4 | 9,4 | 2,3 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 25,5 | 157,9 | 0,2 | 0,9 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 3,2 | 10,4 | 0,0 | 0,1 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 447,9 | 13,3 | 3,0 | 0.1 |
| Билим берүү | 365,0 | 709,7 | 2,4 | 4,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 98,1 | 37,0 | 0,6 | 0,2 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 251,8 | 948,6 | 1,7 | 5,3 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 12,0 | 27,6 | 0,1 | 0,2 |

2026-жылдын январь-февралында объекттерге 861,1 млн. сом суммасындагы капиталдык жана күнүмдүк оңдоолор жүргүзүлдү, анын ичинен 50,6 пайызы - ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын, 27,2 пайызы - жергиликтүү бюджеттердин, 21,9 пайызы - республикалык бюджеттин, 0,3 пайызы - калктын каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын эсебинен жүргүзүлдү.

Жалпы аянты 198,0 миң чарчы метр болгон 1 428 жеке турак үй *пайдаланууга берилди*, бул 2025-ж. январь-февралынын деңгээлине карата 8,2 пайызга көп.

2026-жылдын январь-февралында жеке турак үйлөрдүн курулушуна 6 102,4 млн. сом (баалоо боюнча) негизги капиталга инвестициялар пайдаланылды, бул 2025-ж. январь-февралына караганда 9,3 пайызга көп. Жеке турак жай курулушуна өздөштүрүлгөн каражаттардын үлүшү өздөштүрүлгөн инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 34,2 пайызын (2025-ж. январь-февралында - 34,3 пайызды) түздү.

Ишке киргизилген жеке турак жайлардын негизги үлүшү (жалпы көлөмдүн 77,5 пайызы) Жалал-Абад, Чүй жана Ош облустарына ошондой эле Бишкек шаарына туура келди.

Айыл жерлеринде 96,1 миң чарчы метр жеке турак жай же жалпы көлөмдүн 48,6 пайызы ишке киргизилди.

**19-таблица: 2026-жылдын январь-февралындагы аймактар боюнча жеке турак үйлөрдүн ишке киргизилиши**

| | Ишке киргизилгени - бардыгы, жалпы | Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|

| | аянттын миң ч. м. | пайыз менен | |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **198,0** | **108,2** | **100** |
| Баткен облусу | 10,6 | 101,4 | 5,3 |
| Жалал-Абад облусу | 32,4 | 76,0 | 16,4 |
| Ысык-Көл облусу | 13,0 | 93,9 | 6,5 |
| Нарын облусу | 5,0 | 103,8 | 2,5 |
| Ош облусу | 21,5 | 103,3 | 10,8 |
| Талас облусу | 11,6 | 81,5 | 5,9 |
| Чүй облусу | 31,6 | 128,9 | 16,0 |
| Бишкек ш. | 67,8 | 140,6 | 34,3 |
| Ош ш. | 4,5 | 128,2 | 2,3 |

## Кызмат көрсөтүү рыногу

Чарба жүргүзүүчү субъекттер (юридикалык жана жеке жактар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2026-ж. январь-февралында 437 млрд. сомду түзүп, 2025-ж. январь-февралына салыштырганда 110,2 пайызга көбөйдү.

**20-таблица: 2026-жылдын январь-февралындагы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку айга карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде элге | бардыгы | анын ичинде элге |
| **Бардыгы** | **437 049,7** | **198 388,6** | **110,2** | **113,5** | **100** | **100** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо | 303 397,2 | 131 489,2 | 111,4 | 114,7 | 69,4 | 66,3 |
| транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 15 836,5 | 10 818,9 | 103,7 | 132,6 | 3,6 | 5,5 |
| мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 7 614,3 | 7 614,3 | 113,2 | 113,2 | 1,7 | 3,8 |
| маалымат жана байланыш | 11 317,8 | 7 115,8 | 103,3 | 103,2 | 2,6 | 3,6 |
| финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 73 956,1 | 25 900,3 | 101,2 | 101,1 | 16,9 | 13,1 |
| кыймылсыз мүлк операциялары | 5 560,9 | 3 140,0 | 97,5 | 97,6 | 1,3 | 1,6 |
| кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 5 881,7 | 2 486,9 | 103,3 | 102,8 | 1,3 | 1,3 |
| администрациялык жана көмөкчү ишмердик | 3 130,0 | 1 403,3 | 101,1 | 101,1 | 0,7 | 0,7 |
| билим берүү | 3 362,3 | 2 718,3 | 129,2 | 104,3 | 0,8 | 1,4 |
| саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 3 339,7 | 2 840,9 | 141,5 | 130,1 | 0,8 | 1,4 |
| искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 943,1 | 713,4 | 100,1 | 101,2 | 0,2 | 0,4 |
| башка тейлөө ишмердиги | 2 710,1 | 2 147,3 | 100,0 | 100,3 | 0,6 | 1,1 |

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү Чүй областынын тышкары, республиканын бардык региондорунда өстү.

**21-таблица: 2026-жылдын январь- февралындагы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде элге | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде элге | бардыгы | анын ичинде элге |
| **Кыргыз Республикасы** | **437 049,7** | **198 388,6** | **110,2** | **113,5** | **100** | **100** |
| Баткен облусу | 6 494,1 | 5 448,0 | **111,8** | 103,8 | 1,5 | 2,7 |
| Жалал-Абад облусу | 17 201,5 | 12 916,1 | 124,9 | 111,4 | 3,9 | 6,5 |
| Ысык-Көл облусу | 7 420,5 | 6 242,4 | 119,1 | 120,2 | 1,7 | 3,1 |
| Нарын облусу | 3 854,9 | 3 413,5 | 110,1 | 100,4 | 0,9 | 1,7 |
| Ош облусу | 18 349,6 | 15 137,0 | 117,0 | 109,4 | 4,2 | 7,6 |
| Талас облусу | 4 163,5 | 2 793,7 | 112,3 | 115,3 | 1,0 | 1,4 |
| Чүй облусу | 37 037,3 | 25 986,9 | 67,7 | 109,8 | 8,5 | 13,1 |
| Бишкек ш. | 314 810,8 | 107 148,5 | 117,7 | 116,8 | 72,0 | 54,0 |
| Ош ш. | 27 717,5 | 19 302,5 | 122,0 | 110,3 | 6,3 | 9,7 |

**Керектөө рыногу.** Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында *дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун* жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмү 303,4 млрд. сом өлчөмүндө түзүлүп, 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу 11,4 пайызга көбөйдү.

**22-таблица**: **Январь-февралдагы дүң жана чекене соода сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **250 263,2** | **303 397,2** | **126,8** | **111,4** |
| анын ичинде: | | | | |
| автоунаалардын жана мотоциклдердин, автотетиктердин, түйүндөрдүн жана шаймандардын соодасы | 6 907,4 | 8 960,8 | 143,7 | 126,6 |
| автоунааны техникалык жактан тейлөө жана оңдоо | 720,6 | 948,8 | 77,8 | 123,5 |
| автоунаалардын жана мотоциклдердин соодасын кошпогондогу дүң соода | 145 378,8 | 171 908,0 | 148,8 | 109,1 |
| мотор майын чекене сатуу | 22 931,5 | 29 512,3 | 117,3 | 112,2 |
| автоунаалардын жана мотоциклдердин соодасын кошпогондогу чекене соода | 74 324,8 | 92 067,3 | 107,1 | 114,3 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүнүн 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу Чүй облусун кошпогондо, көбөйүшү республиканын бардык региондорунда байкалды.

**23-таблица: Январь-февралдагы аймактар боюнча дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **250 263,2** | **303 397,2** | **126,8** | **111,4** |
| Баткен облусу | 4 056,2 | 5 583,2 | 108,8 | 122,0 |
| Жалал-Абад облусу | 9 822,2 | 13 914,6 | 104,6 | 131,1 |
| Ысык-Көл облусу | 1 952,3 | 2 413,3 | 120,0 | 112,6 |
| Нарын облусу | 3 808,8 | 4 781,4 | 110,8 | 113,0 |
| Ош облусу | 12 526,0 | 16 096,0 | 126,1 | 118,3 |
| Талас облусу | 2 219,6 | 2 744,5 | 115,1 | 114,2 |
| Чүй облусу | 46 602,8 | 33 374,1 | 166,3 | 65,6 |
| Бишкек ш. | 153 808,0 | 203 093,2 | 108,7 | 121,8 |

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Ош ш. | 15 467,3 | 21 396,9 | 125,2 | 124,8 |

Ушул жылдын январь-февралында 2025-ж. тийиштүү мезгилине салыштырмалуу мотор майларынын чекене соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 12,2 пайызга жогорулады. Үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн жылдын февралына салыштырмалуу жүгүртүүнүн көлөмү 21,5 пайызга көбөйдү.

**24-таблица: Январь-февралдагы мотор майларын чекене сатуунун аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **22 931,5** | **29 512,3** | **117,3** | **112,2** |
| Баткен облусу | 1 644,4 | 2 268,1 | 82,2 | 120,8 |
| Жалал-Абад облусу | 1 547,2 | 2 053,2 | 137,5 | 115,8 |
| Ысык-Көл облусу | 785,3 | 739,7 | 123,7 | 81,6 |
| Нарын облусу | 1 501,0 | 1 756,3 | 114,4 | 100,6 |
| Ош облусу | 1 773,3 | 2 799,8 | 147,8 | 138,7 |
| Талас облусу | 331,9 | 429,9 | 121,4 | 112,5 |
| Чүй облусу | 6 402,3 | 7 366,8 | 117,5 | 101,1 |
| Бишкек ш. | 7 029,3 | 9 534,0 | 128,6 | 117,7 |
| Ош ш. | 1 916,8 | 2 564,5 | 221,0 | 115,5 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында автоунааларды жана мотоциклдерди сатууну кошпогондо чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү 2025-ж. февралына салыштырмалуу 14,6 пайызга көбөйдү.

**25-таблица: Автоунааларды жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Январь | 37 806,2 | 46 634,1 | 139,1 | 113,9 |
| Февраль | 36 518,6 | 45 433,2 | 123,3 | 114,6 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу автоунааларды жана мотоциклдерди сатууну кошпогондо чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү республиканын бардык региондорунда көбөйдү.

**26-таблица: Январь-февралдагы автоунааларды жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене сооданын аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **74 324,8** | **92 067,3** | **107,1** | **114,3** |
| Баткен облусу | 1 620,5 | 2 281,6 | 132,3 | 125,5 |
| Жалал-Абад облусу | 6 462,8 | 7 988,7 | 98,2 | 115,4 |
| Ысык-Көл облусу | 981,6 | 1 410,2 | 108,5 | 133,7 |
| Нарын облусу | 1 915,3 | 2 124,1 | 104,1 | 102,5 |
| Ош облусу | 9 476,2 | 10 679,8 | 122,8 | 104,7 |
| Талас облусу | 1 223,8 | 1 500,4 | 113,7 | 114,4 |
| Чүй облусу | 11 932,3 | 14 873,7 | 136,7 | 115,3 |
| Бишкек ш. | 31 587,0 | 39 769,3 | 130,8 | 116,2 |

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Ош ш. | 9125,3 | 11 439,5 | 138,5 | 114,0 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондо чекене сооданын жалпы көлөмүндө азык-түлүк товарларын сатуунун үлүшү 52,9 пайызды, азык-түлүк эмес товарлардын үлүшү 47,1 пайызды түздү.

**27-таблица: Январь-феврালдагы тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **109 570,6** | **137 148,7** | **126,0** | **117,6** |
| анын ичинде: | | | | |
| азык-түлүк товарлары | 61 800,6 | 69 323,7 | 158,0 | 102,5 |
| азык-түлүк эмес товарлар | 47 770,0 | 67 825,0 | 101,8 | 137,2 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында 2025-ж. февралына салыштырмалуу азык-түлүк товарларын сатуунун көлөмү 4,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарларды сатуунун көлөмү 1,3 эсеге көбөйдү.

**28-таблица: 2024-жылдын январь-февралындагы тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Азык-түлүк товарлары | | | Азык-түлүк эмес товарлар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. сом | пайыз менен | | млн. сом | пайыз менен | |
| | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | мурунку айга карата | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | мурунку айга карата |
| Январь | 34 689,7 | 100,7 | 74,3 | 33 329,4 | 130,7 | 24,3 |
| Февраль | 34 633,9 | 104,3 | 97,4 | 34 495,7 | 133,7 | 95,7 |

Адистештирилген соода уюмдарындагы, ошондой эле базарлардагы сатуулардын көлөмүнүн өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу көбөйүшү тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондо чекене соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмүнүн 14,5 пайызга өсүшүн шарттады.

**29-таблица: 2026-жылдын январь-февралындагы тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу сатуунун каналдары боюнча чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **137 148,7** | **114,5** | **100** |
| анын ичинде: | | | |
| соода уюмдары | 103 059,6 | 127,1 | 75,1 |
| буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарлары | 34 089,1 | 90,5 | 24,9 |

Өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу *мейманканалар жана ресторандар* тарабынан көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 13,2 пайызга көбөйдү.

**30-таблица: Январь-феврaлдагы мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **6 117,4** | **7 614,3** | **119,4** | **113,2** |
| анын ичинде: | | | | |
| мейманканалар, ошондой эле туристтик жашоо жана кыска мөөнөткө жашоо үчүн башка орундар | 710,6 | 1 006,0 | 102,7 | 124,2 |
| ресторандар, барлар, тамак-аш менен камсыздоо боюнча мобилдүү жана башка кызмат көрсөтүүлөр | 5 406,8 | 6 608,3 | 122,1 | 111,8 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу өсүшү республиканын бардык региондорунда байкалды, Джалал-Абад облусунан тышкары.

**31-таблица: Январь-февралдагы мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **6 117,4** | **7 614,3** | **119,4** | **113,2** |
| Баткен облусу | 183,4 | 308,7 | 150,1 | 150,3 |
| Жалал-Абад облусу | 279,8 | 280,9 | 103,7 | 91,4 |
| Ысык-Көл облусу | 19,9 | 28,4 | 287,9 | 133,1 |
| Нарын облусу | 292,4 | 325,8 | 96,6 | 101,9 |
| Ош облусу | 351,9 | 389,2 | 128,7 | 101,8 |
| Талас облусу | 61,1 | 75,5 | 113,3 | 115,3 |
| Чүй облусу | 476,2 | 544,3 | 153,8 | 103,2 |
| Бишкек ш. | 3 711,6 | 4 827,3 | 147,7 | 118,4 |
| Ош ш. | 741,1 | 834,2 | 127,1 | 102,2 |

**Транспорт ишмердиги.** Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында *транспорттун бардык түрү менен* ташылган жүктөрдүн көлөмү өткөн жылдын январь-февралына салыштырганда 0,6 млн тоннага же 7,1 пайызга көбөйдү. Транспорттун бардык түрү менен ташылган жүктөрдүн көлөмү ү.ж. февралында өткөн жылдын февралына салыштырмалуу 0,2 млн. тоннага же 4,5 пайызга өстү, ал эми мурунку айга салыштырганда тескерисинче 8,9 пайызга кыскарды.

Муну менен бирге жүктөрдү автомобиль транспорту менен ташуудагы негизги көлөм (57,3 пайыз) жеке ишкерлерге (жеке жактарга) туура келди.

**32-таблица: Январь-февралдагы транспорттун бардык түрү менен жүктөрдүн ташылышы**

| | Миң тонна | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **8 576,4** | **9 181,5** | **110,3** | **107,1** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 1 700,4 | 1 760,5 | 125,5 | 103,5 |
| жөнөтүү | 711,5 | 641,9 | 146,5 | 90,2 |
| келүү | 1 436,9 | 1 447,9 | 132,1 | 132,1 |
| Автоунаа | 6 738,8 | 7 283,2 | 107,0 | 108,1 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 133,5 | 134,8 | 114,0 | 101,0 |
| Аба транспорту | 3,7 | 3,0 | 127,6 | 81,1 |

Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүшү республиканын бардык региондорунда белгиленди.

**33-таблица: Январь-февралдагы аймактар боюнча транспорттун бардык түрү менен жүктөрдүн ташылышы**

| | Миң тонна | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **8 576,4** | **9 181,5** | **110,3** | **107,1** |
| Баткен облусу | 230,1 | 241,5 | 102,6 | 104,9 |
| Жалал-Абад облусу | 242,0 | 250,5 | 103,9 | 103,5 |
| Ысык-Көл облусу | 309,4 | 343,6 | 102,6 | 111,1 |
| Нарын облусу | 262,9 | 275,0 | 114,4 | 104,6 |
| Ош облусу | 608,2 | 664,7 | 103,0 | 109,3 |
| Талас облусу | 2 708,1 | 2 994,9 | 120,3 | 110,6 |
| Чүй облусу | 1 350,6 | 1 412,4 | 101,5 | 104,6 |
| Бишкек ш. | 2 751,1 | 2 864,9 | 109,6 | 104,1 |
| Ош ш. | 114,0 | 134,0 | 107,8 | 117,5 |

*Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн* көлөмү ү.ж. январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырганда 14,2 млн. тонна километрге же 2,4 пайызга өстү. Үстүбүздөгү жылдын февралында анын көлөмү 2025-жылдын февралына салыштырмалуу 6,5 млн. тонна километрге же 2,6 пайызга көбөйдү, ал эми мурунку айга салыштырганда ал, тескерисинче 78,3 млн. тонна километрге 23 пайызга кыскарды.

**34-таблица: Январь-февралдагы транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн көлөмү**

| | Млн. тонна-километр | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **582,1** | **596,3** | **109,6** | **102,4** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 207,3 | 203,3 | 127,9 | 98,1 |
| Автоунаа | 235,8 | 264,4 | 107,4 | 112,1 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 96,7 | 97,6 | 113,9 | 100,9 |
| Аба транспорту | 42,3 | 31,0 | 65,7 | 73,3 |

*Жүргүнчүлөрдү ташуу* ү.ж. январь-февралында 2025-жылдын январь-февралына салыштырганда 6 млн. адамга же 5,5 пайызга өстү. Үстүбүздөгү жылдын февралында 2025-жылдын февралына салыштырмалуу 4,9 млн. адамга же 8,4 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырганда - 10,8 млн. адамга же 20,5 пайызга көп.

Жүргүнчүлөрдү ташуунун негизги көлөмү (98 пайыздан ашыгы) *автоунаа транспортуна* (автобустар, микроавтобустар жана таксилер) туура келди, ал ү.ж. январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырганда 6,3 млн. адамга же 5,8 пайызга көп болду.

**35-таблица: Январь-февралдагы транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдүн ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **110 063,4** | **116 066,4** | **118,9** | **105,5** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 41,7 | 53,4 | 123,0 | 128,1 |
| Автобустар, микроавтобустар | 102 944,1 | 108 787,4 | 124,1 | 105,7 |
| Такси | 5 704,0 | 6 113,7 | 101,4 | 107,2 |
| Троллейбустар | 1 120,0 | 841,1 | 29,4 | 75,1 |
| Аба транспорту | 253,6 | 270,8 | 142,5 | 106,8 |

Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүшү бардык региондордо белгиленди.

**36-таблица: Январь-февралдагы аймактар боюнча транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдүн ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **110 063,4** | **116 066,4** | **118,9** | **105,5** |
| Баткен облусу | 2 099,5 | 2 429,1 | 112,6 | 115,7 |
| Жалал-Абад облусу | 3 837,0 | 3 893,3 | 114,2 | 101,5 |
| Ысык-Көл облусу | 1 825,5 | 2 427,2 | 107,2 | 133,0 |
| Нарын облусу | 1 655,2 | 1 902,9 | 113,2 | 115,0 |
| Ош облусу | 3 266,8 | 3 575,3 | 107,0 | 109,4 |
| Талас облусу | 1 247,0 | 1 295,6 | 107,8 | 103,9 |
| Чүй облусу | 21 636,0 | 22 303,7 | 106,0 | 103,1 |
| Бишкек ш. | 69 732,2 | 73 364,0 | 125,9 | 105,2 |
| Ош ш. | 4 764,2 | 4 875,3 | 113,9 | 102,3 |

Автобустар жана микроавтобустар менен жүргүнчүлөрдү ташуу республиканын бардык региондорунда өстү.

**37-таблица: Январь-февралдагы аймактар боюнча жүргүнчүлөрдүн автобустар, микроавтобустар менен ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **102 944,1** | **108 787,4** | **124,1** | **105,7** |
| Баткен облусу | 2 028,2 | 2 341,8 | 113,0 | 115,5 |
| Жалал-Абад облусу | 3 617,0 | 3 661,5 | 115,0 | 101,2 |
| Ысык-Көл облусу | 1 570,4 | 2 137,7 | 107,9 | 136,1 |
| Нарын облусу | 369,0 | 493,3 | 117,1 | 133,7 |
| Ош облусу | 2 847,5 | 2 904,0 | 106,5 | 102,0 |
| Талас облусу | 959,1 | 993,4 | 105,1 | 103,6 |
| Чүй облусу | 20 983,8 | 21 628,9 | 106,1 | 103,1 |
| Бишкек ш. | 66 966,0 | 70 639,8 | 135,4 | 105,5 |
| Ош ш. | 3 603,1 | 3 987,0 | 105,0 | 110,7 |

*Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу жүгүртүүсүнүн* көлөмү ү.ж. январь-февралында өткөн жылдын январь-февралына салыштырганда 73,9 млн. жүргүнчү-километрге же 4,5 пайызга өстү. Мында ү.ж. февралында анын көлөмү 2025-жылдын февралына салыштырмалуу 59,9 млн. жүргүнчү-километрге же 7,8 пайызга көбөйүп, ошол эле учурда ал мурунку айга салыштырмалуу тескерисинче 25,7 млн. жүргүнчү-километрге же 3,0 пайызга кыскарды.

**38-таблица: Январь-февралдагы транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүү көлөмү**

| | Млн. жүргүнчү - километр | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **1 642,4** | **1 716,2** | **107,8** | **104,5** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 3,1 | 4,0 | 124,0 | 129,0 |
| Автобустар, микроавтобустар | 1 148,0 | 1 203,2 | 104,8 | 104,8 |
| Троллейбустар | 170,5 | 197,8 | 116,3 | 116,0 |
| Такси | 4,7 | 3,5 | 30,1 | 74,5 |
| Аба транспорту | 316,1 | 307,7 | 119,9 | 97,3 |

**Телекоммуникация, почта жана чабарман ишмердүүлүгү.** Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнөн алынган кирешелер ү.ж. январь-февралында 6,8 млрд. сомду түздү жана 2025-жылдын январь-февралына салыштырмалуу 8,5 пайызга көбөйдү. Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшкөн кирешелер 2025-жылдын январь-февралына салыштырмалуу 28,5 пайызга көбөйүп, 475,0 млн. сомду түздү.

**Эмгек акы жана эмгек рыногу.** 2026-жылдын январында ишканалардын жана уюмдардын (чакан ишканаларды эсептебегенде) кызматкерлеринин орточо айлык номиналдык эсептелген эмгек акысы 45 797 сомду түздү жана 2025-ж. январына салыштырмалуу 16,4 пайызга көбөйдү, ал эми анын керектөө бааларынын индексин эске алуу менен эсептелген реалдуу өлчөмү 6,3 пайызга көбөйдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аныктаган валюталардын расмий курсуна карата алганда, 2026-ж. январында бир кызматкердин орточо айлык эмгек акысы 523,8 АКШ долларын түздү.

**39-таблица: 2026-жылдын январындагы аймактар боюнча орточо айлык номиналдык эсептелген жана реалдуу эмгек акы[1]**

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | 2025 | 2026 | |
| **Кыргыз Республикасы** | **45 797** | **116,9** | **116,4** | **106,3** |
| Баткен облусу | 31 913 | 108,3 | 110,7 | 101,6 |
| Жалал-Абад облусу | 37 517 | 109,3 | 114,3 | 105,5 |
| Ысык-Көл облусу | 54 026 | 109,7 | 113,0 | 101,8 |
| Нарын облусу | 41 083 | 111,1 | 109,4 | 100,6 |
| Ош облусу | 27 831 | 105,5 | 108,1 | 101,7 |
| Талас облусу | 41 866 | 116,3 | 117,3 | 108,3 |
| Чүй облусу | 36 334 | 109,4 | 121,0 | 110,5 |
| Бишкек ш. | 57 508 | 123,1 | 117,0 | 107,0 |
| Ош ш. | 36 900 | 113,2 | 117,7 | 105,9 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Үстүбүздөгү жылдын январында өткөн жылдын январына карата номиналдык эсептелген, ошондой эле реалдуу эмгек акынын да өсүү темпинин төмөндөшү белгиленди.

**40-таблица: Январдагы орточо айлык номиналдык эсептелген жана реалдуу эмгек акы[1]**

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | Мурунку айга карата | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | |
| **2025** | | | | |
| Январь | 39 347 | 116,9 | 77,0 | 109,6 |
| **2026** | | | | |
| Январь | 45 797 | 116,4 | 76,4 | 106,3 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

2026-жылдын январында бюджеттик эмес чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акысы бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акысынан 1,8 эсеге жогору болду.

**41-таблица: 2026-жылдын январындагы аймактар боюнча орточо айлык номиналдык эсептелген эмгек акы[1]**

| | Сом | | | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бюджеттик чөйрө | | бюджеттик эмес чөйрө | | | |
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | бюджеттик чөйрө | бюджеттик эмес чөйрө |
| **Кыргыз Республикасы** | **30 337** | **34 577** | **52 489** | **60 918** | **114,0** | **116,1** |
| Баткен облусу | 26 719 | 28 556 | 37 578 | 46 014 | 106,9 | 122,4 |
| Жалал-Абад облусу | 25 211 | 27 700 | 50 772 | 59 586 | 109,9 | 117,4 |
| Ысык-Көл облусу | 26 816 | 30 558 | 92 071 | 100 355 | 114,0 | 109,0 |
| Нарын облусу | 34 877 | 36 926 | 49 520 | 57 065 | 105,9 | 115,2 |
| Ош облусу | 24 551 | 25 948 | 35 277 | 42 906 | 105,7 | 121,6 |
| Талас облусу | 25 492 | 27 481 | 73 630 | 91 399 | 107,8 | 124,1 |
| Чүй облусу | 27 290 | 30 080 | 34 266 | 45 044 | 110,2 | 131,5 |
| Бишкек ш. | 40 167 | 48 364 | 54 860 | 62 997 | 120,4 | 114,8 |
| Ош ш. | 28 767 | 34 071 | 36 102 | 41 397 | 118,4 | 114,7 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

2026-жылдын январында номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык ишмердиктин бардык түрдөгү ишканаларында жана уюмдарында байкалды.

Алардын эң олуттуу жогорулашы электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) (30,5 пайыз), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (27,3 пайыз), кыймылсыз мүлк операциялары (26,5 пайыз), айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук (25,3 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо (24,1 пайыз), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (21,3 пайыз), дүң жана чекене соода, автоунаа жана мотоциклдерди оңдоо (18,9 пайыз), админимстративдик жана көмөкчү ишмердик (18,3 пайыз), ошондой эле курулуш (18,1 пайыз) чөйрөлөрүндө болду.

**42-таблица: Январдагы экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин орточо айлык номиналдык эсептелген эмгек акысы[1]**

| | Сом | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Бардыгы** | **39 347** | **45 797** | **116,9** | **116,4** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 26 987 | 33 813 | 110,1 | 125,3 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 78 607 | 86 971 | 131,7 | 110,6 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 59 698 | 68 101 | 111,9 | 114,1 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 48 329 | 63 081 | 118,1 | 130,5 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 31 151 | 36 652 | 107,4 | 117,7 |
| Курулуш | 45 508 | 53 762 | 140,3 | 118,1 |
| Дүң жана чекене соода, автоунаа жана мотоциклдерди оңдоо | 46 418 | 55 188 | 109,2 | 118,9 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 48 279 | 56 782 | 118,3 | 117,6 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 34 510 | 36 249 | 127,1 | 105,0 |
| Маалымат жана байланыш | 79 258 | 80 277 | 139,1 | 101,3 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 68 670 | 83 277 | 124,6 | 121,3 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 37 216 | 47 088 | 130,3 | 126,5 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 45 992 | 58 541 | 120,3 | 127,3 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 39 037 | 46 182 | 129,3 | 118,3 |

| | Сом | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо | 55 193 | 68 500 | 117,3 | 124,1 |
| Билим берүү | 25 558 | 27 352 | 104,4 | 107,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 26 004 | 30 509 | 123,4 | 117,3 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 23 199 | 27 326 | 108,3 | 117,8 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 30 048 | 29 355 | 119,5 | 97,7 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде

2026-жылдын 1-февралына карата жалпы республика боюнча эмгек акы төлөө боюнча жалпы карыздын суммасы өткөн жылдын ушул күнүнө салыштырганда 29,8 пайызга азайды.

Карыздардын жалпы суммасынын олуттуу үлүшүн Чүй (48,0 пайыз), Жалал-Абад (35,4 пайыз) облустарындагы жана Бишкек ш. (8,2 пайыз) ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлерине болгон карыздар түздү.

**43-таблица: 2026-жылдын 1-февралына карата аймактар боюнча эмгек акыны төлөө боюнча жалпы карыз[1]**

| | Млн. сом | Мурунку жылдын | Мурунку айдын |
|---|---|---|---|
| | | тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **66,1** | **70,2** | **98,8** |
| Баткен облусу | 2,3 | 87,6 | 62,9 |
| Жалал-Абад облусу | 23,4 | 88,7 | 96,1 |
| Ысык-Көл облусу | 0,4 | 6,9 | 136,4 |
| Нарын облусу | 2,8 | 2,3 эсе | 2,3 эсе |
| Ош облусу (Ош ш. кошкондо) | - | - | - |
| Талас облусу | 0,0 | - | - |
| Чүй облусу | 31,8 | 103,8 | 103,5 |
| Бишкек ш. | 5,4 | 19,9 | 81,9 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматтары боюнча жумуш издеп, мамлекеттик иш менен камсыздоо органдарында каттоодо турган жумушсуз калктын саны 2026-ж. 1-мартына карата 57,0 миң адамды түздү, бул өткөн жылдын ушул күнүнө салыштырганда 15,6 пайызга аз, анын ичинен катталган жумушсуздардын саны 38,0 миң адам же 21,5 пайызга аз.

**44-таблица: 2026-жылдын 1-мартына карата мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында катталган жумушсуздардын саны**

| | Бардыгы, адам | Мурунку жылдын | Мурунку айдын |
|---|---|---|---|
| | | тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **37 975** | **78,5** | **101,1** |
| Баткен облусу | 4 703 | 58,1 | 95,3 |
| Жалал-Абад облусу | 10 213 | 85,5 | 100,5 |
| Ысык-Көл облусу | 1 964 | 86,3 | 108,6 |
| Нарын облусу | 1 065 | 75,8 | 101,1 |
| Ош облусу | 10 303 | 80,3 | 103,2 |
| Талас облусу | 2 339 | 95,4 | 101,7 |
| Чүй облусу | 1 317 | 60,0 | 108,6 |
| Бишкек ш. | 2 859 | 67,8 | 97,4 |
| Ош ш. | 3 212 | 108,9 | 101,0 |

Катталган жумушсуздардын жалпы санынын 46,0 пайызы аялдарга туура келди. Катталган жумушсуздуктун деңгээли жумушчу күчүнүн жалпы санынын 1,3 пайызын түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляциянын деңгээлин мүнөздөөчү *керектөө бааларынын индекси* ү.ж. февралында өткөн айга салыштырмалуу 101,2 пайызды, ал эми 2025-ж. декабрына салыштырмалуу 101,9 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу *тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын* баалары жалпы республика боюнча 1,1 пайызга жогорулады. Мында баалардын накта эригич кофеге - 2,8 пайызга, тооктун жумурткасына - 2,3 пайызга, ышталган балыкка - 1,8 пайызга, гречка акшагына - 1,7 пайызга, чайга - 1,5 пайызга, кумшекерге - 1,0 пайызга, этке - 0,7 пайызга, орто дандуу күрүчкө - 0,6 пайызга жана өсүмдүк майларына - 0,5 пайызга жогорулашы белгиленди.

Муну менен катар, баалар бөлүнбөгөн тоңдурулган балыкка -1,1 пайызга, узун дандуу күрүчкө -1,0 пайызга, малдын тоң майына - 1,0 пайызга жана тандыр нанына - 0,1 пайызга төмөндөдү.

**45-таблица: 2026-жылдын февралындагы азык-түлүк товарларынын негизги турлөрүнө карата керектөө бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Буудай уну | | 1 сорттогу ундан жасалган нан | Тандыр нан | Уйдун эти | Койдун эти | Куюп сатылуучу сүт | Жумуртка | Кум-шекер | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | | | |
| Январь | 99,6 | 99,5 | 100,4 | 100,2 | 100,9 | 101,5 | 102,6 | 102,4 | 100,2 | 101,1 |
| Февраль | 100,3 | 100,1 | 100,4 | 99,9 | 100,7 | 100,8 | 100,2 | 102,3 | 101,0 | 100,4 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу жаңы бышкан жашылчалардын - 5,3 пайызга, жаңы бышкан жемиштердин - 3,2 пайызга, ал эми картошканын - 0,4 пайызга баалары жогорулады.

**46-таблица: 2026-жылдын февралындагы жашылча-жемиш азыктарынын айрым түрлөрүнүн керектөө бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Алма | Капуста | Пияз | Сабиз | Кызылча | Бадыраң | Помидор | Картошка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 103,3 | 104,3 | 102,6 | 101,7 | 101,6 | 115,3 | 102,8 | 103,4 |
| Февраль | 112,6 | 108,3 | 97,7 | 99,4 | 99,4 | 115,2 | 109,8 | 100,4 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында тамак-аш азыктардын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 2025-ж. декабрына салыштырмалуу 2,1 пайызга жогорулады, бул негизинен баалардын жаңы бышкан жашылчаларга - 10,4 пайызга, накта эригич кофеге - 6,7 пайызга, минералдуу сууга - 5,0 пайызга, жаңы бышкан жемиштерге - 4,0 пайызга, картошкага - 3,8 пайызга, сүт азыктары, сыр жана жумурткага - 3,6 пайызга (анын ичинде тооктун жумурткасына - 4,8 пайызга жана куюп сатылуучу сүткө - 2,8 пайызга), колбаса азыктарына - 3,0 пайызга, чайга - 2,6 пайызга, макарон азыктарына - 2,0 пайызга жана этке - 1,6 пайызга олуттуу өсүшү менен шартталды.

Ошону менен бирге ү.ж. жылдын башынан бери тоңдурулган бөлүнбөгөн балыкка (1,9 пайызга), малдын тоң майына (0,8 пайызга), узун дандуу күрүчтүн (0,4 пайызга) жана ундун (0,3 пайызга) баалары эң көп төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын февралында алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки азыктарынын баалары мурунку айга салыштырмалуу жалпысынан 1,4 пайызга өстү. Быйылкы жылдын январь-февралында алкоголдук ичимдиктердин баасы 2025-ж. декабрына салыштырмалуу - 2,5 пайызга, тамекинин баасы - 1,1 пайызга өстү.

**47-таблица: Азык-түлүк товарларынын айрым топторунун бааларынын индекстери**
*(пайыз менен)*

| | 2026 февраль | | | 2026 январь-февралы |
|---|---|---|---|---|
| | 2026 январына карата | 2025 декабрына карата | 2025 февралына карата | 2025 январь-февралына карата |
| Нан азыктары жана акшак | 100,3 | 100,3 | 104,4 | 104,2 |
| Эт | 100,7 | 101,6 | 111,4 | 112,7 |
| Балык | 100,4 | 100,9 | 117,1 | 117,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 101,5 | 103,6 | 108,3 | 107,5 |
| Май жана тоң май | 100,6 | 101,4 | 116,6 | 116,7 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 103,5 | 106,2 | 109,8 | 112,4 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана момпосуйлар | 100,8 | 101,2 | 106,0 | 105,5 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,6 | 102,7 | 108,5 | 107,9 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 101,6 | 102,5 | 108,9 | 108,3 |
| Тамеки | 100,6 | 101,1 | 107,5 | 108,1 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу тандыр нанынын, А-92 бензининин жана дизель майынын орточо керектөө бааларынын төмөндөшү байкалды.

**48-таблица: 2026-жылдын февралындагы айрым өкүл товарлардын орточо керектөө баалары**
*(бир килограмм, литр үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | 1-сорттогу ундан жасалган нан | Тандыр нан | Койдун эти | Уйдун эти | Картошка | А-92-бензини | Дизель майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | | |
| Январь | 73,71 | 53,96 | 72,12 | 105,05 | 707,64 | 713,74 | 54,33 | 75,32 | 80,01 |
| Февраль | 73,91 | 54,02 | 72,42 | 104,89 | 713,62 | 719,49 | 54,49 | 74,13 | 78,80 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын баалары 0,2 пайызга төмөндөдү. Муну менен бирге, катуу отундун (5,9 пайызга), колдонулган жеңил автоунаанын (1,9 пайызга), курулуш кумунун (1,6 пайызга), күйүүчү-майлоочу материалдардын (0,9 пайызга) бааларынын төмөндөшү байкалган. Муну менен катар, жаңы жеңил автоунаанын (3,9 пайызга), эмерек жана пол жабууларынын (1,3 пайызга), турмуш тиричилик буюмдарынын (1,2 пайызга), фармацевтика продукцияларынын (1,2 пайызга), кийим жана бут кийимдин (0,6 пайызга), газдын (0,3 пайызга), кийим тигүү үчүн материалдардын (0,3 пайызга) баалары жогорулады.

Быйылкы жылдын январь-февралында азык-түлүк эмес товарлардын баалары 2025-ж. декабрына салыштырмалуу (0,4 пайызга) жогорулашы байкалды. Муну менен бирге кичи электр буюмдарынын - 4,3 пайызга, жаңы жеңил автоунаанын - 3,9 пайызга, эмерек жана пол жабууларынын - 2,4 пайызга, фармацевтика продукцияларынын - 2,1 пайызга, кийим жана бут кийимдин - 1,2 пайызга, кеңсе товарларынын - 0,5 пайызга жана газдын - 0,3 пайызга баалары жогорулады. Муну менен катар, катуу отундун - 5,1 пайызга, курулуш кумунун - 2,6 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдардын - 1,9 пайызга, колдонулган жеңил автоунаанын - 1,9 пайызга жана кирпичтин - 1,0 пайызга баалары төмөндөдү.

**49-таблица: Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн керектөө бааларынын индекстери**
*(пайыз менен)*

| | 2026 февраль | | | 2026 январь-февралы |
|---|---|---|---|---|
| | 2026 январына карата | 2025 декабрына карата | 2025 февралына карата | 2025 январь-февралына карата |
| Кийим | 100,7 | 101,5 | 105,7 | 105,0 |
| анын ичинен: | | | | |
| кийим тигүүчү материалдар | 100,3 | 100,3 | 108,7 | 108,1 |
| Бут кийим | 100,3 | 100,4 | 103,8 | 103,5 |
| Турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 100,2 | 99,8 | 104,3 | 103,7 |
| Суу менен жабдуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 110,2 | 110,4 |
| Электр энергия, негизги тариф | 100,0 | 100,0 | 123,6 | 123,6 |
| Электр энергия, 700 кВт. с жогору | 100,0 | 100,0 | 108,2 | 108,2 |
| Газ | 100,3 | 100,3 | 106,4 | 106,5 |
| Жылуулук энергиясы | 100,0 | 100,0 | 117,7 | 117,7 |
| Катуу отун (көмүр жана жыгач отундар) | 94,1 | 94,9 | 109,7 | 112,2 |
| Бензин | 98,9 | 97,9 | 115,0 | 115,5 |
| Дизель майы | 98,6 | 97,2 | 110,4 | 111,0 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техникасы | 100,8 | 102,0 | 107,3 | 106,7 |
| Фармацевтика продукциясы | 101,2 | 102,1 | 109,8 | 109,1 |
| Гезиттер жана мезгилдүү басылмалар | 100,5 | 100,1 | 112,8 | 112,2 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу калкка көрсөтүлгөн *кызмат көрсөтүүлөрдүн* тарифтери 2,9 пайызга жогорулаган. Мында тарифтердин жеке турак жайларды күнүмдүк күтүү жана оңдоодо - 9,7 пайызга, ресторан мейманканаларда - 8,4 пайызга, маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө - 3,9 пайызга, чачтарач кызмат көрсөтүүсүндө - 2,4 пайызга, амбулатордук кызмат көрсөтүүдө - 1,0 пайызга, кийим тигүүдө - 1,0 пайызга, мектепке чейинки жана баштапкы билим берүүдө - 0,8 пайызга жана автоунаа аркылуу жүргүнчү ташуу кызмат көрсөтүүсүндө - 0,5 пайызга жогорулаганы байкалды. Ошону менен бирге ү.ж. февралында мурунку айга салыштырмалуу аба аркылуу жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт кызмат көрсөтүүсүндө - 14,2 пайызга, жеке унааларды оңдоодо жана техникалык тейлөөдө - 1,3 пайызга жана бут кийим оңдоодо - 0,6 пайызга тарифтердин төмөндөшү байкалды.

Ушул жылдын башынан бери кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери жалпысынан 3,6 пайызга жогорулады. Муну менен бирге тарифтердин өсүшү жеке турак жайларды күнүмдүк күтүү жана оңдоодо - 9,7 пайызга, ресторан жана мейманканаларда - 7,8 пайызга, маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө - 3,9 пайызга, транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдө - 3,5 пайызга, бут кийим оңдоодо - 3,0 пайызга, чачтарач кызмат көрсөтүүсүндө - 2,5 пайызга, амбулатордук кызмат көрсөтүүдө - 1,1 пайызга, кийим тигүүдө - 1,1 пайызга жогорулаганы байкалды. Ошону менен бирге ү.ж. башынан бери жеке унааларды оңдоодо жана техникалык тейлөөдө - 0,1 пайызга тарифтердин төмөндөшү байкалды.

**3-график: Февраль айындагы керектөө бааларынын индекстери**

*(өткөн жылдын декабрына карата пайыз менен)*




**4-график: Февраль айындагы өнөр жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(өткөн жылдын декабрына карата пайыз менен)*



### 50-таблица: Кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн керектөө тарифтеринин индекстери

*(пайыз менен)*

| | 2026 февраль | | | 2026 январь-февралы |
|---|---|---|---|---|
| | 2026 январына карата | 2025 декабрына карата | 2025 февралына карата | 2025 январь-февралына карата |
| Жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү | 99,3 | 103,5 | 108,2 | 108,7 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 103,9 | 103,9 | 117,8 | 116,1 |
| Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү | 100,2 | 100,3 | 122,4 | 122,7 |
| Амбулатордук кызмат көрсөтүүлөр | 101,0 | 101,1 | 109,3 | 109,3 |
| Мейманкана жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 104,2 | 107,7 | 116,6 | 114,2 |
| Чачтарач кызмат көрсөтүүлөрү | 102,4 | 102,5 | 115,3 | 114,2 |
| Турак жайларды күнүмдүк күтүү жана оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 109,7 | 109,7 | 135,2 | 129,0 |

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы республиканын бардык региондорунда катталды. Муну менен бирге алардын максималдуу өсүүсү Ош жана Ысык-Көл облустарында (3,3 пайызга) катталды.

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтердин жогорулашы республиканын бардык региондорунда байкалды, муну менен бирге баалардын максималдуу (4,2 пайызга) өсүүсү Ысык-Көл облусунда катталды, бул башка региондорго салыштырмалуу калкка көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин (12,1 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин бааларынын (5,8 пайызга) эң көп жогорулашы менен шартталды. Жылдын башынан бери тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын (3,5 пайызга) жана азык-түлүк эмес товарлардын (3,3 пайызга) бааларынын максималдуу жогорулашы Ош облусунда белгиленди.

### 51-таблица: 2026-жылдын февралындагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин аймактар боюнча индекстери

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*

| | Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки | Азык-түлүк эмес товарлар | Кызмат көрсөтүүлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **101,9** | **102,1** | **102,2** | **100,4** | **103,6** |
| Баткен облусу | 102,2 | 102,2 | 104,8 | 99,6 | 105,0 |
| Жалал-Абад облусу | 102,1 | 101,9 | 101,5 | 100,7 | 104,4 |
| Ысык-Көл облусу | 104,2 | 101,6 | 105,8 | 101,4 | 112,1 |
| Нарын облусу | 101,0 | 101,7 | 99,6 | 100,1 | 101,0 |
| Ош облусу | 103,4 | 103,5 | 103,7 | 103,3 | 103,4 |
| Талас облусу | 100,4 | 100,8 | 100,5 | 100,1 | 100,1 |
| Чүй облусу | 100,2 | 100,6 | 100,5 | 100,0 | 99,9 |
| Бишкек ш. | 102,1 | 102,7 | 102,4 | 100,4 | 103,1 |
| Ош ш. | 101,3 | 101,5 | 101,1 | 99,7 | 103,2 |

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**. 2026-жылдын февралында сатып өткөрүлгөн *айыл чарба продукциясын* өндүрүүчүлөрдүн баалары өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 10,7 пайызга өстү.

**52-таблица: Айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**
*(пайыз менен)*

| | Бардыгы | | анын ичинде | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциясы | | мал чарба продукциясы | |
| | мурунку жылдын тийиштүү айына карата | өткөн жылдын декабрына карата | мурунку жылдын тийиштүү айына карата | өткөн жылдын декабрына карата | мурунку жылдын тийиштүү айына карата | өткөн жылдын декабрына карата |
| Январь | 112,4 | 101,1 | 113,4 | 102,7 | 111,5 | 99,6 |
| Февраль | 110,7 | 103,6 | 110,8 | 106,0 | 110,5 | 101,3 |

2025-жылдын февралына салыштырганда жашылчалардын (1,5 пайызга), буудайдын (3,4 эсеге), эттин (тирүүлөй салмакта) (13,3 пайызга), жумуртканын (12,4 пайызга), сүттүн (3,1 пайызга) баалары өстү. Муну менен катар, картошканын (1,2 пайызга) бааларынын төмөндөшү белгиленди.

**53-таблица: 2026-жылдагы айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**
*(пайыз менен)*

| | Дан бардыгы | Буудай | Жашылчалар | Картошка | Эт (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | *Жумуртка* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | *Мурунку айга карата* | | | | |
| Январь | 104,1 | 105,5 | 100,0 | 107,5 | 101,3 | 95,8 | 94,5 |
| Февраль | 102,1 | 102,6 | 104,0 | 97,3 | 101,2 | 103,1 | 101,7 |
| | | | *Өткөн жылдын тийиштүү айына карата* | | | | |
| Январь | 125,1 | 133,0 | 102,0 | 109,0 | 115,4 | 101,8 | 111,2 |
| Февраль | 123,3 | 134,1 | 101,0 | 90,1 | 111,2 | 104,5 | 113,6 |
| Январь-февраль | 124,2 | 133,6 | 101,5 | 98,8 | 113,3 | 103,1 | 112,4 |

*Өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн* бааларынын индекси 2026-жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу 102,2 пайызды түздү.

Пайдалуу кендерди казуу ишканаларындагы өндүрүүчүлөрдүн баалары ү.ж. февралында 9,9 пайызга өстү.

2026-жылдын февралында иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 101,7 пайызды түздү. Мында баалардын өсүшү чийки мунайзатты жана жаратылыш газын казып алууда (22,1 пайызга), электр жана жарык берүүчү жабдууларды өндүрүүдө (15,6 пайызга), отургуч эмеректерди жана анын тетиктерин; эмерек тетиктерин чыгарууда (5,3 пайызга), баалуу металлдарда (3,3 пайызга), химиялык продукция чыгарууда (1,2 пайызга) жана суусундуктарды өндүрүүдө (0,2 пайызга) байкалган.

Муну менен катар үстүбүздөгү жылдын февраль айында мурунку айга салыштырмалуу баалардын кокс жана мунай продуктыларын өндүрүүдө (2,1 пайызга), жашылча-жемиш ширесин чыгарууда (1,9 пайызга), айнек чыгарууда (0,9 пайызга), көмүрдү жана күрөң көмүрдү (лигнит) казып алууда (0,1 пайызга) жана пластмассадан жасалган буюмдарды өндүрүүдө (0,1 пайызга) төмөндөгөнү байкалды.

**54-таблица: 2026-жылдагы өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

| | Пайдалуу кендерди казуу | Иштетүү өндүрүшү | Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу |
|---|---|---|---|---|
| | | *Мурунку айга карата* | | |
| Январь | 86,9 | 107,0 | 100,0 | 99,8 |
| Февраль | 109,9 | 101,7 | 100,0 | 99,6 |
| | | *Мурунку жылдын декабрь айына карата* | | |
| Январь | 86,9 | 107,0 | 100,0 | 99,8 |
| Февраль | 95,5 | 108,9 | 100,0 | 99,5 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалары 31,6 пайызга жогорулады. Мында алардын эң чоң өсүшү (38,3 пайыз) кайра иштетүү тармагында катталган.

**55-таблица: Февралдагы өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2025 | 2026 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **119,2** | **131,6** |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **115,1** | **114,8** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 130,4 | 126,8 |
| Чийки мунайзатты жана жаратылыш газын казуу | 117,0 | 104,2 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 98,8 | 107,7 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **120,2** | **138,3** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 107,3 | 120,4 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийим, булгаары жана башка булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү | 105,0 | 84,9 |
| Жыгач жана кагаз буюмдар өндүрүшү; басмакана ишмердиги | 84,3 | 96,6 |
| Кокс жана тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү | 102,6 | 115,5 |
| Химиялык продукцияларды өндүрүү | 99,2 | 118,3 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 93,4 | 102,9 |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү | 105,2 | 105,0 |
| Машина жана жабдуулардан башка негизги металлдар жана даяр металл буюмдарды өндүрүү | 130,4 | 167,0 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 116,4 | 127,9 |
| Башка топтошууларга киргизилбеген машина жана жабдууларды өндүрүү | 107,1 | 104,7 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 107,1 | 194,5 |
| Башка өндүрүштөр, машина жана жабдууларды орнотуу жана оsдоо, | 84,3 | 124,9 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **117,2** | **96,8** |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **103,5** | **142,3** |

Үстүбүздөгү жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу баалар өзгөрүүсүз сакталып калды.

**56-таблица: 2026-жылдагы өнөр жай продукцияларынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн орточо баалары**

*(килограмм, тонна, литр, кВт саат үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Сүт | Цемент | Күрөң көмүр (лигнит) | Электр энергия |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | |
| Январь | 37,2 | 26,5 | 44,7 | 115 974,7 | 5 793,3 | 2 839,1 | 2,29 |
| Февраль | 37,2 | 26,5 | 44,7 | 115 974,7 | 5 793,3 | 2 839,1 | 2,29 |

Ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүсүнүн тарифтери ү.ж. февраль айында мурунку айга салыштырмалуу өзгөрүүсүз калды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу почта жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жалпысынан 16,0 пайызга жогорулаган. Мында почта курьердик кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер 0,5 пайызга, электр байланышы -16,8 пайызга жогорулаган.

**57-таблица: Февралындагы ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2025 | 2026 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **104,3** | **116,0** |
| Почта жана чабарман кызмат көрсөтүүлөрү | 103,1 | 100,5 |
| Электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 104,3 | 116,8 |

Үстүбүздөгү жылдын февраль айында мурунку айга салыштырмалуу транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери 12,5 пайызга өстү, бул негизинен темир жол транспорт кызмат көрсөтүүсүнүн тарифтеринин 12,8 пайызга өсүшү менен шартталды.

2026-жылдын январь-февралында мурунку жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери 29,7 пайызга жогорулады, бул негизинен темир жол транспортунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин 30,6 пайызга өсүшү менен шартталды.

**58-таблица: 2026-ж. январь-февралындагы жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2025 | 2026 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **104,5** | **129,7** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | |
| Темир жол транспорту | 104,6 | 130,6 |
| Автомобиль транспорту | 100,0 | 100,3 |
| Аба транспорту | 100,0 | 100,0 |

## Мамлекеттик сектор

### Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын маалыматтары боюнча ү.ж. январында *мамлекеттик бюджеттин акча каражаттарынын профицити* 24 108,7 млн. сом же ИДПга карата 19,2 пайыз көлөмүндө аныкталды.

Үстүбүздөгү жылдын январында *мамлекеттик бюджеттин кирешелери* (финансылык эмес активдерди сатуудан келип түшүүлөрдү кошкондо) 50 237,1 млн. сомду же ИДПга карата 40,0 пайызды түздү[1]. Өткөн жылдын январына салыштырмалуу кирешелер 14 246,4 млн. сомго же 39,6 пайызга өстү.

Кирешелердин түзүмүндө салыктык келип түшүүлөр 0,3 пайыздык пунктка көбөйдү, ал эми салыктык эмес түшүүлөр, тескерисинче, 0,3 пайыздык пунктка азайды.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн 88,5 пайызы (44 471,8 млн. сому) - салыктык төлөмдөрдөн, 10,8 пайызы (5 438,7 млн.) - салыктык эмес төлөмдөрдөн, 0,6 пайызы (320,3 млн. сому) - расмий трансферттерден жана финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелерден (6,4 млн. сому) түзүлдү.

Салыктык кирешелер 32 532,6 млн. сом (же 73,2 пайыз) көлөмүндөгү ички салыктардан жана 11 939,2 млн. сом (26,8 пайыз) көлөмүндөгү тышкы экономикалык ишмердиктен алынган салыктардан түзүлдү.

Салыктык кирешелердин көлөмүнүн 34,1 пайызы же 15 168,4 млн. сому кошумча нарк салыгынын эсебинен камсыздалды, бул өткөн жылдын январына караганда 1 626,5 млн. сомго же 12,0 пайызга көп. Мындан тышкары эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салыктан салыктык кирешелердин жалпы суммасынын 16,7 пайызы же 7 438,5 млн. сому (3 636,0 млн. сомго же 2,0 эсеге көп), бирдиктүү салыктан - 9,1 пайызы же 4 028,6 млн. (1 310,0 млн. сомго же 48,2 пайызга көп), пайда салыгынан - 8,9 пайызы же 3 965,0 млн. сому (1 221,4 млн. сомго же 44,5 пайызга көп), сатуудан алынган салыктан - 7,8 пайызы же 3 468,6 млн. (941,5 млн. сомго же 37,3 пайызга көп), Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгынан 7,3 пайызы же 3 266,5 млн. сому (748,7 млн. сомго же 29,7 пайызга көп) келип түштү.

Салыктык эмес кирешелердин көлөмү 1 433,0 млн. сомго (35,8 пайызга) көбөйдү. Салыктык эмес кирешелердин негизги көлөмү акылуу кызмат көрсөтүүлөрдөн (30,5 пайыз же 1 658,6 млн. сом), жыйымдар жана төлөөлөрдүн (22,8 пайыз же 1 238,0 млн.), башка салыктык эмес кирешелерден келип түшкөн түшүүлөрдүн (16,0 пайыз же 871,4 млн. сом) эсебинен алынды.

Расмий трансферттер 79,0 млн. сомго же 32,7 пайызга көп, ал эми финансылык эмес активдерди сатуудан келип түшкөн кирешелер 3,4 млн. сомго же 2,1 эсеге көп алынды.

**59 -таблица: Январдагы мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кирешелер** | **35 990,7** | **50 237,1** | **100,0** | **100,0** | **34,6** | **40,0** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **35 987,7** | **50 230,8** | **100,0** | **100,0** | **34,6** | **40,0** |
| **Салыктык кирешелер** | **31 740,6** | **44 471,8** | **88,2** | **88,5** | **30,5** | **35,4** |
| Киреше жана пайда салыгы | 10 157,4 | 16 112,5 | 28,2 | 32,1 | 9,8 | 12,8 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары-резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 2 517,8 | 3 266,5 | 7,0 | 6,5 | 2,4 | 2,6 |
| Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес адамдардын киреше салыгы | 951,6 | 1 284,7 | 2,6 | 2,6 | 0,9 | 1,0 |

[1] Бул жерде жана мындан ары мамлекеттик бюджет көрсөтүлөт, ага мамлекеттик башкаруунун ар кайсы деңгээлдеринин ортосундагы өз ара эсептешүүлөр кирбейт.

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| пайда салыгы | 2 743,6 | 3 965,0 | 7,6 | 7,9 | 2,6 | 3,2 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 2 718,6 | 4 028,6 | 7,6 | 8,0 | 2,6 | 3,2 |
| патенттик негиздеги салык | 64,7 | 136,5 | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,1 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканалардын дүң кирешесинин салыгы | 1 063,6 | 3 283,2 | 3,0 | 6,5 | 1,0 | 2,6 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларынын Кыргыз Республикасынын минералдык-чийки зат базасын өнүктүрүүгө жылдык сумма | - | - | - | - | - | - |
| Менчиктен түшкөн салык | 328,3 | 241,1 | 0,9 | 0,5 | 0,3 | 0,2 |
| мүлккө салык | 121,2 | 91,1 | 0,3 | 0,2 | 0,1 | 0,1 |
| жер салыгы | 207,1 | 150,0 | 0,6 | 0,3 | 0,2 | 0,1 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 17 452,4 | 20 679,6 | 48,5 | 41,2 | 16,8 | 16,4 |
| кошумча нарк салыгы | 13 541,9 | 15 168,4 | 37,6 | 30,2 | 13,0 | 12,1 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн КНС | 4 043,0 | 5 177,4 | 11,2 | 10,3 | 3,9 | 4,1 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын КНС | 9 499,0 | 9 991,1 | 26,4 | 19,9 | 9,1 | 7,9 |
| сатуудан түшкөн салык | 2 527,1 | 3 468,6 | 7,0 | 6,9 | 2,4 | 2,8 |
| акциздик салык | 856,5 | 1 026,7 | 2,4 | 2,0 | 0,8 | 0,8 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн же сатылган товарлардын акциздик салыгы | 269,8 | 343,2 | 0,7 | 0,7 | 0,3 | 0,3 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын акциздик салыгы | 586,7 | 683,5 | 1,6 | 1,4 | 0,6 | 0,5 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 526,8 | 1 015,9 | 1,5 | 2,0 | 0,5 | 0,8 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 3 802,5 | 7 438,5 | 10,6 | 14,8 | 3,7 | 5,9 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **241,3** | **320,3** | **0,7** | **0,6** | **0,2** | **0,3** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **4 005,7** | **5 438,7** | **11,1** | **10,8** | **3,8** | **4,3** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 333,6 | 437,1 | 0,9 | 0,9 | 0,3 | 0,3 |
| Товарларды сатуудан жана кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн киреше | 1 816,5 | 3 173,2 | 5,0 | 6,3 | 1,7 | 2,5 |
| ижара акысы | 56,2 | 59,2 | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 0,0 |
| жыйымдар жана төлөөлөр | 925,3 | 1 238,0 | 2,6 | 2,5 | 0,9 | 1,0 |
| акылуу кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн түшүүлөр | 835,0 | 1 658,6 | 2,3 | 3,3 | 0,8 | 1,3 |
| башка иштерден каражаттардын түшүүсү | - | 217,4 | - | 0,4 | - | 0,2 |
| Айыптар, туумдар, санкциялар, конфискациялар | 330,5 | 463,4 | 0,9 | 0,9 | 0,3 | 0,4 |
| Мамлекеттик сектордун бирдиктерине ыктыярдуу трансферттер жана гранттар | 190,7 | 493,6 | 0,5 | 1,0 | 0,2 | 0,4 |
| Башка салыктык эмес кирешелер | 1 334,4 | 871,4 | 3,7 | 1,7 | 1,3 | 0,7 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер** | **3,0** | **6,4** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |

*Мамлекеттик бюджеттин чыгымдары* ү.ж. январында 26 128,4 млн. сом же ИДПга карата 20,8 пайыз өлчөмүндө аткарылды, алардын ичинен операциялык чыгымдар 93,6 пайызды, финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар - 6,4 пайызды түздү. Өткөн жылдын январына салыштырмалуу чыгымдар 2 379,8 млн. сомго же 8,3 пайызга азайды, мында финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар - 2 674,4 млн. сомго же 61,4 пайызга азайды, ал эми операциялык ишмердикке кеткен чыгымдар, тескерисинче, 294,6 млн. сомго же 1,2 пайызга көбөйдү.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык чыгымдарын жүргүзүү үчүн социалдык-маданий чөйрөгө 12 406,0 млн. сом (жалпы чыгымдардын 50,8 пайызы), жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 7 701,8 млн. (31,5 пайызы), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө 4 244,5 млн. (17,4 пайызы), айлана-чөйрөнү коргоого 91,6 млн. сом (0,4 пайызы) багытталды.

Өткөн жылдын январына салыштырмалуу жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка кеткен чыгымдар 1 512,1 млн. сомго же 24,4 пайызга көбөйдү, социалдык-маданий чөйрөгө кеткен чыгымдар - 448,1 млн. сомго же 3,7 пайызга көбөйдү, ал эми экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдар, тескерисинче, 1 669,7 млн. сомго же 28,2 пайызга азайды.

Мамлекеттик бюджеттин чыгымдары 25 138,8 млн. сом суммасындагы (бардык каражаттардын 96,2 пайызы) бюджеттик каражаттардын жана 989,6 млн. сом (3,8 пайызы) суммасындагы атайын каражаттардын эсебинен жүргүзүлдү.

Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан 10 560,4 млн. сому (40,4 пайызы) эмгек акыны төлөөгө, 5 240,4 млн. (20,1 пайызы) - социалдык жөлөкпулдарга, 3 607,5 млн. (13,8 пайызы) - башка чыгымдарга, 3 042,0 млн. (11,6 пайызы) - товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жана пайдаланууга, 1 684,6 млн. (6,4 пайызы) - финансылык эмес активдерди сатып алууга, 1 548,5 млн. (5,9 пайызы) - пайыздарды төлөөгө, 171,6 млн. (0,7 пайызы) - гранттарга жана 273,4 млн. сому (1,0 пайызы) - субсидияларды берүүгө багытталды.

**60 -таблица: Январдагы мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Чыгымдар** | **28 508,2** | **26 128,4** | **100,0** | **100,0** | **27,4** | **20,8** |
| **Операциялык ишмердикти жүргүзүүгө кеткен чыгымдар** | **24 149,2** | **24 443,8** | **84,7** | **93,6** | **23,2** | **19,4** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 2 832,2 | 3 583,9 | 9,9 | 13,7 | 2,7 | 2,9 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 3 357,5 | 4 117,9 | 11,8 | 15,8 | 3,2 | 3,3 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 5 914,2 | 4 244,5 | 20,7 | 16,2 | 5,7 | 3,4 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 87,4 | 91,6 | 0,3 | 0,4 | 0,1 | 0,1 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 189,1 | 251,0 | 0,7 | 1,0 | 0,2 | 0,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 1 998,2 | 2 111,7 | 7,0 | 8,1 | 1,9 | 1,7 |
| Эс алуу, спорт, маданият жана дин | 478,6 | 426,0 | 1,7 | 1,6 | 0,5 | 0,3 |
| Билим берүү | 4 100,4 | 4 271,2 | 14,4 | 16,3 | 3,9 | 3,4 |
| Социалдык коргоо | 5 191,7 | 5 346,2 | 18,2 | 20,5 | 5,0 | 4,3 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **4 359,0** | **1 684,6** | **15,3** | **6,4** | **4,2** | **1,3** |
| **Операциялык ишмердиктен алынган акча каражаттарынын таза келүү агымы** | **11 838,5** | **25 787,0** | **100,0** | **100,0** | **11,4** | **20,5** |
| Финансылык эмес активдерге | 4 356,0 | 1 678,2 | 100,0 | 100,0 | 4,2 | 1,3 |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| салымдарды киргизүүнүн натыйжасында акча каражаттарынын таза кетүү агымы | | | | | | |
| **Акча каражаттарынын тартыштыгы (-), профицити** | **7 482,5** | **24 108,7** | **100,0** | **100,0** | **7,2** | **19,2** |
| **Бюджеттин тартыштыгын каржылоо булактары** | **27 082,9** | **45 015,0** | **-** | **-** | **-** | **-** |
| Ички каржылоо | 28 562,5 | 46 869,7 | - | - | - | - |
| Тышкы каржылоо | -1 479,6 | -1 854,7 | - | - | - | - |

*Республикалык бюджеттин кирешесине* ү.ж. январында (финансылык эмес активдерди сатуудан келип түшүүлөрдү кошкондо) 45 970,5 млн. сом келип түштү, бул өткөн жылдын январына караганда 13 111,1 млн. сомго (же 39,9 пайызга) көп.

Түшүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 88,5 пайызын же 40 705,5 млн. сомун салыктык кирешелер ээледи, алардын суммасы 40,3 пайызга же 11 701,9 млн. сомго көбөйдү. Салыктык кирешелердин негизги көлөмү кошумча нарк салыгынын (15 168,4 млн. сом же 37,3 пайыз), эл аралык соода жана операциялардан түшкөн салыктын (7 438,5 млн. же 18,3 пайыз), бирдиктүү салык боюнча (4 028,6 млн. сом же 9,9 пайыз) жана пайда салыгынан түшкөн түшүүлөрдүн (3 965,0 млн. сом же 9,7 пайыз) эсебинен камсыздалды.

Жалпы кирешелердин 10,8 пайызын (4 944,8 млн. сомун) түзгөн салыктык эмес төлөмдөрдө акылуу кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн түшүүлөр - 31,0 пайыз (1 530,6 млн. сом), ошондой эле жыйымдар жана төлөмдөр боюнча түшүүлөр - 24,8 пайыз (1 228,5 млн. сом) басымдуулук кылды. Өткөн жылдын январына салыштырмалуу салыктык эмес кирешелерден түшкөн түшүүлөр 1 330,3 млн. сомго же 36,8 пайызга көбөйдү.

Түшкөн расмий трансферттердин үлүшүнө бардык кирешелердин 0,7 пайызы же 320,3 млн. сому туура келди, бул 32,7 пайызга же 79,0 млн. сомго көп.

*Республикалык бюджеттин чыгымдары* ү.ж. январында 25 161,2 млн. сом өлчөмүндө түзүлдү, бул өткөн жылдын январына салыштырмалуу 8,4 пайызга же 2 305,7 млн. сомго аз.

Операциялык чыгымдарды жүргүзүү үчүн социалдык-маданий чөйрөгө 11 370,7 млн. сом (бардык каражаттардын 47,9 пайызы), жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 8 136,6 млн. (34,3 пайызы), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө - 4 123,7 млн. (17,4 пайызы) жана айлана-чөйрөнү коргоого 91,6 млн. сом (0,4 пайызы) багытталды.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга бардык каражаттардын 5,7 пайызы же 1 438,6 млн. сому пайдаланды.

**61 -таблица: Январдагы республикалык бюджеттин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кирешелер** | **32 859,4** | **45 970,5** | **100,0** | **100,0** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **32 859,3** | **45 970,5** | **100,0** | **100,0** |
| **Салыктык кирешелер** | **29 003,6** | **40 705,5** | **88,3** | **88,5** |
| Киреше жана пайда салыгы | 7 775,9 | 12 631,0 | 23,7 | 27,5 |
| Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес адамдардын киреше салыгы | 951,6 | 1 284,7 | 2,9 | 2,8 |
| пайда салыгы | 2 743,6 | 3 965,0 | 8,3 | 8,6 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 2 718,6 | 4 028,6 | 8,3 | 8,8 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларынын дүң кирешесинин салыгы | 1 063,6 | 3 283,2 | 3,2 | 7,1 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларынын Кыргыз Республикасынын минералдык- чийки зат базасын өнүктүрүүгө жылдык суммасы | - | - | - | - |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 17 425,2 | 20 635,9 | 53,0 | 44,9 |
| кошумча нарк салыгы | 13 541,9 | 15 168,4 | 41,2 | 33,0 |
| сатуудан түшкөн салык | 2 527,1 | 3 468,6 | 7,7 | 7,5 |
| акциздик салык | 856,5 | 1 026,7 | 2,6 | 2,2 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 499,6 | 972,2 | 1,5 | 2,1 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 3 802,5 | 7 438,5 | 11,6 | 16,2 |
| Башка салыктык кирешелер | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **241,3** | **320,3** | **0,7** | **0,7** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **3 614,4** | **4 944,8** | **11,0** | **10,8** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 199,9 | 246,2 | 0,6 | 0,5 |
| Товарларды сатуудан жана кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн киреше | 1 639,4 | 2 989,8 | 5,0 | 6,5 |
| ижара акысы | 16,3 | 13,3 | 0,0 | 0,0 |
| жыйымдар жана төлөмдөр | 911,3 | 1 228,5 | 2,8 | 2,7 |
| акылуу кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн түшүүлөр | 711,7 | 1 530,6 | 2,2 | 3,3 |
| башка иштерден каражаттардын түшүүсү | - | 217,4 | - | 0,5 |
| Айыптар, туумдар, санкциялар, конфискациялар | 330,3 | 463,4 | 1,0 | 1,0 |
| Мамлекеттик сектордун бирдиктерине ыктыярдуу трансферттер жана гранттар | 177,0 | 464,5 | 0,5 | 1,0 |
| Башка салыктык эмес кирешелер | 1 267,9 | 780,8 | 3,9 | 1,7 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер** | **0,1** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |
| **Чыгымдар** | **27 466,9** | **25 161,2** | **100,0** | **100,0** |
| **Операциялык ишмердикти жүргүзүүгө кеткен чыгымдар** | **23 138,0** | **23 722,6** | **84,2** | **94,3** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 2 861,1 | 4 020,1 | 10,4 | 16,0 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 3 356,2 | 4 116,5 | 12,2 | 16,4 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 5 824,7 | 4 123,7 | 21,2 | 16,4 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 87,4 | 91,6 | 0,3 | 0,4 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1,5 | - | 0,0 | - |
| Саламаттыкты сактоо | 1 996,6 | 2 110,2 | 7,3 | 8,4 |
| Эс алуу, спорт, маданият жана дин | 391,0 | 331,1 | 1,4 | 1,3 |
| Билим берүү | 3 454,1 | 3 616,6 | 12,6 | 14,4 |
| Социалдык коргоо | 5 165,3 | 5 312,8 | 18,8 | 21,1 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **4 328,9** | **1 438,6** | **15,8** | **5,7** |
| **Акча каражаттарынын тартыштыгы (-), профицити** | **5 392,5** | **20 809,4** | **100,0** | **100,0** |

*Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө* ү.ж. январында (финансылык эмес активдерди сатуудан келип түшүүлөрдү кошкондо) 4 925,4 млн. сом түштү, бул өткөн жылдын январына караганда 1 603,6 млн. сомго же 48,3 пайызга көп, ошол эле учурда *чыгымдар бөлүгү* (финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдарды кошкондо) 1 626,1 млн. сом көлөмүндө пайдаланылды, бул 394,3 млн. сомго же 32,0 пайызга көп.

Кирешелерде салыктык кирешелер басымдуулук кылды, алардын үлүшүнө ү. ж. январь айында бардык кирешелердин 76,5 пайызы (3 766,3 млн. сому) туура келди, өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 37,6 пайызга же 1 029,3 млн. сомго көбөйгөн.

Алынган трансферттердин үлүшү 7,7 пайыздык пунктка көбөйдү жана бардык кирешелердин 13,4 пайызын (658,8 млн. сомун) түздү, финансылык эмес активдерди сатуудан алынган түшүүлөрдүн үлүшү 0,1 пайызын (6,4 млн. сомун) түздү.

Салыктык эмес келип түшүүлөрдүн үлүшү бардык кирешелердин 10,0 пайызын түздү же 1,8 пайыздык пунктка аз, ал эми алардын көлөмү 493,9 млн. сомду түздү.

Өткөн жылдын январына салыштырмалуу салыктык кирешелер 37,6 пайызга же 1 029,3 млн. сомго көбөйдү. Салыктык кирешелердин негизги көлөмү Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгынын (3 266,5 млн. сом же салыктык кирешелердин жалпы көлөмүнүн 86,7 пайызы) жана менчиктен түшкөн салыктын (241,1 млн. сом же 6,4 пайызы) эсебинен түзүлдү.

Салыктык эмес кирешелер 102,6 млн. сомго же 26,2 пайызга көбөйдү, мында аларда акылуу кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн түшүүлөр 25,9 пайыз басымдуулук кылды.

Үстүбүздөгү жылдын январында операциялык чыгымдардын негизги көлөмү социалдык-маданий чөйрөгө (1 035,3 млн. сом же 75,0 пайыз) туура келди. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка 224,1 млн. сом (16,2 пайыз), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө 120,7 млн. сом (8,7 пайыз) пайдаланылды.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга бардык каражаттардын 15,1 пайызы же 246,0 млн. сому багытталды.

**62-таблица: Январдагы жергиликтүү бюджеттердин түзүмү**

| | **Млн. сом** | | **Жыйынтыкка карата пайыз менен** | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2025** | **2026** |
| **Кирешелер** | **3 321,8** | **4 925,4** | **100,0** | **100,0** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **3 318,9** | **4 919,1** | **99,9** | **99,9** |
| **Салыктык кирешелер** | **2 737,0** | **3 766,3** | **82,4** | **76,5** |
| Киреше жана пайда салыгы | 2 381,6 | 3 481,5 | 71,7 | 70,7 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 2 266,1 | 3 266,5 | 68,2 | 66,3 |
| патенттик негиздеги салык | 64,7 | 136,5 | 1,9 | 2,8 |
| Менчиктен алынган салык | 328,3 | 241,1 | 9,9 | 4,9 |
| мүлк салыгы | 121,2 | 91,1 | 3,6 | 1,9 |
| жер салыгы | 207,1 | 150,0 | 6,2 | 3,0 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 27,2 | 43,7 | 0,8 | 0,9 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 27,2 | 43,7 | 0,8 | 0,9 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **190,5** | **658,8** | **5,7** | **13,4** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **391,3** | **493,9** | **11,8** | **10,0** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 133,7 | 190,9 | 4,0 | 3,9 |
| Товарларды сатуудан жана кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн киреше | 177,1 | 183,4 | 5,3 | 3,7 |
| ижара акысы | 39,9 | 45,8 | 1,2 | 0,9 |
| жыйымдар жана төлөмдөр | 14,0 | 9,5 | 0,4 | 0,2 |
| акылуу кызматтарды көрсөтүүлөрдөн түшкөн түшүүлөр | 123,2 | 128,1 | 3,7 | 2,6 |
| башка иштерден каражаттардын түшүүсү | - | - | - | - |
| Айыптар, туумдар, санкциялар, конфискациялар | 0,2 | - | 0,0 | - |
| Мамлекеттик сектордун бирдиктерине ыктыярдуу трансферттер жана гранттар | 13,8 | 29,0 | 0,4 | 0,6 |
| Башка салыктык эмес кирешелер | 66,6 | 90,6 | 2,0 | 1,8 |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер** | **2,9** | **6,4** | **0,1** | **0,1** |
| **Чыгымдар** | **1 231,8** | **1 626,1** | **100,0** | **100,0** |
| **Операциялык ишмердикти жүргүзүүгө кеткен чыгымдар** | **1 201,7** | **1 380,1** | **97,6** | **84,9** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 161,6 | 222,6 | 13,1 | 13,7 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 1,3 | 1,4 | 0,1 | 0,1 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 89,5 | 120,7 | 7,3 | 7,4 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 187,5 | 251,0 | 15,2 | 15,4 |
| Саламаттыкты сактоо | 1,5 | 1,5 | 0,1 | 0,1 |
| Эс алуу, спорт, маданият жана дин | 87,6 | 94,8 | 7,1 | 5,8 |
| Билим берүү | 646,3 | 654,6 | 52,5 | 40,3 |
| Социалдык коргоо | 26,3 | 33,4 | 2,1 | 2,1 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **30,1** | **246,0** | **2,4** | **15,1** |
| **Акча каражаттарынын тартыштыгы (-), профицити** | **2 090,0** | **3 299,3** | **100,0** | **100,0** |

## Тышкы сектор

**Товарлардын тышкы жана өз ара соодасы**. Кыргыз Республикасындагы товарлардын *тышкы* жана *өз ара соодасынын көлөмү* 2026-ж. январында 1 052,9 млн. АКШ долларын түздү жана 2025-ж. январына салыштырмалуу 2,0 пайызга өстү.

Экспорттук жөнөтүүлөр[1] 126,8 млн. АКШ долларын түзүп, негизинен КМШ өлкөлөрүнө товарларды ташып чыгаруунун 17,0 пайызга азайышынын эсебинен 20,3 пайызга төмөндөдү.

Импорттук келип түшүүлөр[2] 926,1 млн. АКШ долларын түзүп жана 2025-ж. январына салыштырмалуу 6,1 пайызга өстү, ал негизинен КМШ өлкөлөрүнөн товарлардын келип түшүүлөрү 27,4 пайызга өсүшү менен шартталды.

Товар жүгүртүүнүн түзүмүндө экспорттун үлүшүнө 12,3 пайызы, импорттун үлүшүнө 88,0 пайызы туура келди.

2026-жылдын январында соода балансынын терс сальдосу 799,3 млн. АКШ долларын (2025-ж. январында - 714,0 млн. доллар) түздү.

Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен болгон өз ара соодага 37,7 пайызы, анын ичинде экспортко 45,4 пайызы, импортко 36,6 пайызы туура келди.

Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө үчүнчү өлкөлөр менен болгон тышкы соода 62,3 пайызды, анын ичинде экспорт 54,6 пайызды, импорт 63,4 пайызды түздү.

[1] ФОБ баасы боюнча экспорт - экспорттоочу өлкөнүн чегарасына чейин жүктү жеткирүү боюнча чыгымдарды жана анын наркын камтыган товардын баасы.
[2] СИФ баасы боюнча импорт - импорттоочу өлкөнүн чегарасына чейин камсыздандыруу жана ташуу боюнча чыгымдарды жана анын наркын камтыган товардын баасы.

### 63-таблица: Товарлардын тышкы жана өз ара соодасы

| | Тышкы жана өз ара соода - бардыгы | | | анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | экспорт | | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | мурунку жылдын тиешелүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тиешелүү айына карата пайыз менен | мурун-ку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тиешелүү айына карата пайыз менен | мурун-ку айга карата пайыз менен |
| **2025** | | | | | | | | | |
| Январь | 1 032,0 | 85,4 | 61,7 | 159,0 | 82,5 | 28,9 | 873,0 | 85,9 | 77,9 |
| **2026** | | | | | | | | | |
| Январь | 1 052,9 | 102,0 | 70,3 | 126,8 | 79,7 | 59,7 | 926,1 | 106,1 | 72,0 |

КМШдан тышкаркы өлкөлөрдүн ичинен Швейцария (өлкөнүн экспортунун жалпы көлөмүнүн 12,8 пайызын ээлейт), Бириккен Араб Эмираттары (6,9 пайызга), Кытай (8,4 пайыз), Түркия (2,5 пайыз), Иран (1,7 пайызга) экспорт боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр болуп саналды.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен товарлардын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн олуттуу үлүшү Россияга (22,0 пайыз), Өзбекстанга (13,0 пайыз), Казакстанга (21,9 пайыз) жана Беларусь (1,4 пайызга) туура келди.

КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн импорттолгон товарлардын олуттуу үлүшү Кытайдан (импорттун жалпы көлөмүнүн 36,6 пайызы), Корея Республикасынан (5,0 пайыз), Түркиядан (2,4 пайыз), АКШдан (1,6 пайыз), Германиядан (1,3 пайыз), Япониядан (0,9 пайыз) келип түштү.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен келип түшкөн импорттук келип түшүүлөрдүн эң көп көлөмү Россияга (өлкөнүн импортунун жалпы көлөмүнүн 26,4 пайызы), Казакстанга (9,4 пайызы) жана Өзбекстанга (5,7 пайызы) туура келди.

### 64-таблица: 2026-жылдын январындагы Кыргыз Республикасындагы товарлардын айрым өлкөлөр менен болгон тышкы жана өз ара соодасы

| | Тышкы жана өз ара соода - бардыгы | | анын ичинде | | | | Республиканын тышкы жана өз ара соода жүгүртүүсүндөгү салыштырма салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | экспорт | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январына карата пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **1 052,9** | **102,0** | **126,8** | **79,7** | **926,1** | **106,1** | **100,0** |
| **КМШ өлкөлөрү** | **481,4** | **117,3** | **77,5** | **83,0** | **403,9** | **127,4** | **45,7** |
| **ЕАЭБ өлкөлөрү** | **396,8** | **111,3** | **57,6** | **84,3** | **339,2** | **117,8** | **37,7** |
| Армения | 0,2 | - | 0,1 | 0,0 | 0,2 | - | 0,0 |
| Беларусь | 9,3 | 103,9 | 1,8 | 46,2 | 7,5 | 147,2 | 0,9 |
| Казакстан | 115,1 | 101,5 | 27,8 | 92,7 | 87,3 | 104,7 | 10,9 |
| Россия | 272,2 | 116,3 | 27,9 | 80,9 | 244,3 | 122,4 | 25,9 |
| **ЕАЭБ өлкөлөрүнөн тышкаркы КМШ өлкөлөрү** | | | | | | | |
| Азербайжан | 4,0 | 539,0 | 0,7 | 95,3 | 3,3 | 0,0 | 0,4 |
| Молдова | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Тажикстан | 2,9 | - | 2,0 | 0,0 | 1,0 | 611,2 | 0,3 |

| | Тышкы жана өз ара соода - бардыгы | | анын ичинде | | | | Республи-канын тышкы жана өз ара соода жүгүртүү-сүндөгү салыштырма салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | экспорт | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январына карата пайыз менен | |
| Түркмөнстан | 4,6 | 233,6 | 0,6 | 345,9 | 4,1 | 223,4 | 0,4 |
| Өзбекстан | 69,0 | 145,8 | 16,5 | 68,8 | 52,4 | 225,1 | 6,6 |
| Украина | 4,0 | 111,8 | 0,0 | 270,1 | 3,9 | 111,1 | 0,4 |
| **КМШдан тышкаркы өлкөлөр** | **571,5** | **91,9** | **49,3** | **75,0** | **522,2** | **93,9** | **54,3** |
| **Үчүнчү өлкөлөр (ЕАЭБден башка)** | **656,1** | **97,1** | **69,2** | **76,3** | **586,9** | **100,3** | **62,3** |
| **Европа** | | | | | | | |
| Германия | 12,7 | 118,3 | 0,6 | 96,6 | 12,1 | 119,8 | 1,2 |
| Италия | 5,3 | 95,4 | 0,2 | 319,8 | 5,1 | 92,9 | 0,5 |
| Литва | 2,9 | 95,5 | 0,7 | - | 2,2 | 71,9 | 0,3 |
| Бириккен Падышалык (Улуу Британия) | 1,8 | 5,5 | 0,0 | 0,0 | 1,7 | 303,5 | 0,2 |
| Франция | 3,2 | 56,8 | 0,0 | 0,0 | 3,2 | 56,5 | 0,3 |
| **Азия** | | | | | | | |
| Вьетнам | 8,0 | 188,8 | 0,2 | 251,5 | 7,8 | 187,8 | 0,8 |
| Индия | 4,1 | 50,6 | 0,1 | 9,0 | 3,9 | 60,7 | 0,4 |
| Иран | 5,4 | 101,0 | 2,2 | 110,4 | 3,3 | 95,6 | 0,5 |
| Кытай | 349,2 | 93,7 | 10,6 | 221,1 | 338,6 | 92,0 | 33,2 |
| Бириккен Араб Эмираттары | 11,0 | 93,8 | 8,8 | 114,0 | 2,2 | 54,8 | 1,0 |
| Корея Республикасы | 46,2 | 106,0 | 0,1 | 149,9 | 46,0 | 105,9 | 4,4 |
| Түркия | 25,1 | 71,3 | 3,1 | 61,4 | 22,0 | 73,0 | 2,4 |
| Япония | 8,4 | 144,2 | 0,1 | 986,3 | 8,3 | 142,9 | 0,8 |
| **Америка** | | | | | | | |
| Канада | 2,9 | 147,2 | 0,0 | 12,0 | 2,9 | 150,1 | 0,3 |
| АКШ | 14,9 | 77,0 | 0,3 | 97,9 | 14,6 | 76,6 | 1,4 |

*Экспорттук жөнөтүүлөр.* 2026-жылдын январында экспорттун көлөмү 2025-ж. январына салыштырмалуу КМШдан тышкарκы өлкөлөргө жөнөтүүлөрдүн төмөндөшүнүн эсебинен 25,0 пайызга азайып, 49,3 млн. доллар өлчөмүндө түзүлдү. КМШ өлкөлөрүнө жөнөтүүлөрдө анын көлөмү 17,0 пайызга азайып, 77,5 млн. долларды түздү.

Товарлардын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн төмөндөшү контролдук-ченөө приборлору жана аппараттардын (4,5 эсеге), жездин сыныктары жана калдыктарынын (3,7 эсеге), тирүү жаныбарлардын (3,4 эсеге), териден жасалган буюмдардын (2,7 эсеге), кара металлдардан жасалган буюмдардын (2,0 эсеге), жашылчалардын жана тамырлуу жашылчалардын (1,6 эсеге), сүт жана сүт азыктарынын (1,5 эсеге), пахта буласынын (22,3 пайызга), мөмө-жемиштердин жана жаңгактардын (22,1 пайызга), кийим жана кийимге тиешелүү тетиктеринин (21,2 пайызга), электр машиналары жана жабдууларды (19,0 пайызга), лигниттин (күрөң көмүр) (18,5 пайызга) көлөмүнүн азайышы менен шартталды.

Ошол эле учурда, товарлардын экспортунун көлөмү парфюмериялык-косметикалык жана ажааткана каражаттарынын (4,3 эсеге), кара металлдардын (2,5 эсеге), керамикадан жасалган буюмдардын (1,9 эсеге), суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган кант кошулган суулардын (1,5 эсеге), пластмасса жана алардан жасалган буюмдардын (30,1

пайызга), нан жана ундан жасалган кондитердик азыктарынын (22,0 пайызга), таш көмүрдүн (21,0 пайызга), бут кийим жана анын тетиктеринин (18,3 пайызга), трикотаж кездемелердин (15,9 пайызга) көбөйүшүнөн улам өскөнү байкалган.

**65-таблица: 2026-жылдын январдын товарлардын айрым түрлөрүнүн экспорту**

| | Жөнөтүлдү - бардыгы | | 2025 январына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралык түрдө | нарктык түрдө |
| Сүт жана сүт азыктары | 2,4 | 2 938,5 | 101,2 | 67,3 |
| Жашылчалар жана тамырлуу жашылчалар | 8,0 | 5 692,0 | 44,2 | 63,8 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар | 2,0 | 2 807,9 | 49,4 | 77,9 |
| Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган кант кошулган суулар,миң литр | 1 338,6 | 667,3 | 200,5 | 149,4 |
| Баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары | 5,2 | 16 026,0 | 84,1 | 111,1 |
| Жабдуулар жана механикалык түзүлүштөрү | - | 9 769,6 | - | 154,3 |
| Пахта буласы | 0,6 | 1 017,4 | 82,8 | 77,7 |
| Лигнит (күрөң көмүр) | 33,3 | 1 356,9 | 172,6 | 81,5 |
| Пластмасса жана алардан жасалган буюмдар | - | 5 704,3 | - | 130,1 |
| Айнек жана андан жасалган буюмдар | - | 1 371,6 | - | 83,3 |
| Таш көмүр | 110,3 | 5 339,3 | 118,7 | 121,0 |
| Кийим жана кийимге тиешелүү тетиктери | - | 5 490,7 | - | 78,8 |
| Керамикалык буюмдар | - | 1 069,8 | - | 187,3 |
| Кара металлдар | - | 1 163,2 | - | 250,2 |
| Кара металлдардан жасалган буюмдар | - | 232,7 | - | 50,0 |
| Бут кийимдер жана анын тетиктери | - | 293,0 | - | 118,3 |

Экспорттук жөнөтүүлөрдүн эң жогорку көлөмү Швейцарияга (алтын - 16,2 млн. доллар), Кытайга (баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары - 4,3 млн.доллар), Россияга (кийим жана кийимдерге тиешелүү тетиктери - 4,4 млн. доллар, жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктери - 3,6 млн.доллар), Өзбекстанга (таш көмур - 5,0 млн. доллар, мунайзаттар - 2,3 млн.доллар) туура келди.

*Импорттук келип түшүүлөр.* 2026-жылдын январында КМШ өлкөлөрүнөн импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмү 27,4 пайызга көбөйүп, 403,9 млн. долларды же импорттун жалпы көлөмүнүн 43,6 пайызын түздү, ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмү 2025-ж. январына салыштырмалуу 6,1 пайызга төмөндөп, 522,2 млн. долларды же импорттун жалпы көлөмүнүн 56,4 пайызын түздү.

Импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшү кара металлдардын (2,3 эсеге), буудайдын (2,2 эсеге), цементтин (2,0 эсеге), канттын (1,9 эсеге), буудай уну же кара буудай унунун (1,7 эсеге), электр машиналары жана жабдуулардын (45,8 пайызга), самын, жуууп-тазалоочу самын каражаттарынын (44,8 пайызга), суулар, минералдык жана газдалган кант кошулган суулар (32,9 пайызга), жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктеринин (27,7 пайызга), жыгач жана андан жасалган буюмдардын (24,0 пайызга), парфюмериялык-косметикалык жана ажааткана каражаттарынын (23,9 пайызга), фармацевтикалык каражаттарынын (18,1 пайызга), кара металлдардан жасалган буюмдардын (15,4 пайызга), жер семирткичтердин (13,1 пайызга), шоколад жана какао кошулган башка тамак-аш азыктарынын (11,8 пайызга), күн карама майларынын (9,2 пайызга), пластмасса жана андан жасалган буюмдардын (7,3 пайызга) импортунун көлөмүнүн көбөйүшү байкалды.

Муну менен катар, бут кийимдер жана анын буюмдарынын (3,4 эсеге), химиялык жиптер жана булалардын (1,9 эсеге), трикотаж кездемелердин (1,6 эсеге), кийим жана кийимдерге тиешелүү буюмдарынын (1,6 эсеге), териден жасалган буюмдардын (40,0 пайызга), жабдуулардын жана механикалык түзүлүштөрдүн (29,9 пайызга), нан жана ундан жасалган кондитердик нан азыктары (17,0 пайызга), жашылчалардын жана тамырлуу

жашылчалардын (13,2 пайызга), мөмө-жемиштердин жана жаңгактардын (9,1 пайызга), кагаз, картон жана андан жасалган буюмдардын (7,5 пайызга), эт жана даяр эт азыктарынын (6,4 пайызга), ошондой эле ар кандай тамак-аш азыктарынын (4,5 пайызга), импорттунун көлөмүнүн төмөндөшү байкалды.

Импорттук түшүүлөрдө Кытай (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдары - 2,5 млн. доллар, электр машиналары жана жабдуулар - 51,2 млн. доллар, бут кийимдер - 1,3 млн. доллар), Россия (мунай заттары - 69,3 млн. доллар, жылмаланбаган болоттон жасалган зымдар - 58,8 млн. доллар, күн карама майлары - 3,6 млн. доллар, жер семирткичтер - 1,8 млн. доллар), Казакстан (суулар, минералдык жана газдалган кант кошулган суулар - 4,7 млн. доллар, буудай - 3,3 млн. доллар, цемент - 0,5 млн. доллар, буудай уну - 3,1 млн. доллар), Түркия (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар - 1,1 млн. доллар, эмеректер – 0,3 млн. доллар), Өзбекстан (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдары - 0,9 млн. доллар, мөмө-жемиштер жана жаңгактар - 0,7 млн. доллар, жашылчалар - 1,9 млн. доллар) негизги өнөктөш өлкөлөр болуп саналды.

**66-таблица: 2026-жылдын январындагы товарлардын айрым түрлөрүнүн импорту**

| | Түштү- бардыгы | | 2025 январына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралай түрдө | нарктык түрдө |
| Жашылчалар жана тамырлуу жемиштер | 10,9 | 6 108,2 | 60,6 | 86,8 |
| Жемиштер жана жаңгактар | 16,0 | 1 263,2 | 95,9 | 90,9 |
| Эт жана эт тамак-аш азыктары | 4,8 | 6 025,2 | 80,3 | 93,6 |
| Чай | 0,2 | 539,3 | 40,4 | 63,7 |
| Кант | 1,6 | 1 323,7 | 160,6 | 188,9 |
| Шоколад жана какао кошулган башка тамак-аш азыктары | 1,3 | 6 459,7 | 87,8 | 111,8, |
| Нан жана кондитердик нан азыктары | 2,3 | 5 150,1 | 73,0 | 83,1 |
| Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган кант кошулган суулар, миң литр | 12 840,9 | 8 265,0 | 136,9 | 132,9 |
| Буудай уну же кара буудай уну | 6,7 | 3 219,6 | 481,9 | 173,5 |
| Ар кандай тамак азыктары | 1,5 | 6 269,6 | 53,6 | 95,5 |
| Самын, жууп-тазалоочу самын каражаттары | 3,1 | 5 181,9 | 114,4 | 144,8 |
| Фармацевтикалык каражаттар | 0,7 | 20 899,5 | 97,5 | 118,1 |
| Цемент | 70,3 | 4 271,7 | 185,1 | 204,6 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 4,8 | 6 978,2 | 102,6 | 92,5 |
| Пластмасса жана андан жасалган буюмдар | - | 21 141,7 | - | 107,3 |
| Бут кийимдер жана анын тетиктери | - | 5 237,9 | - | 29,1 |
| Кийим жана кийимге тиешелүү буюмдары | - | 6 305,3 | - | 63,4 |
| Кара металлдар | - | 79 653,7 | - | 225,6 |
| Кара металлдан жасалган буюмдар | - | 19 470,8 | - | 115,8 |

**Валюталардын курсу**. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматтары боюнча 2026-ж. январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу доллардын расмий курсу - 0,1 пайызга, евронун - 13,5 пайызга, россия рублинин - 26,7 пайызга жана казак теңгесинин - 2,9 пайызга өсүшү белгиленди. Ошол эле мезгилде өзбек сумунун курсу - 8,2 пайызга жогорулады.

2026-жылдын февралында мурунку айга салыштырмалуу евронун курсу - 0,9 пайызга, россия рублинин - 1,7 пайызга, казак теңгесинин - 2,1 пайызга өсүшү белгиленди. Ошол эле учурда өзбек сумунун курсу -1,4 пайызга төмөндөдү. Ал эми доллардын курсу мурунку айлардын деңгээлинде өзгөрүүсүз калды.

**67-таблица: Айрым чет өлкөлүк валюталардын орточо айлык курсунун өзгөрүшү**

| | Январь-февраль 2026 | | | Февраль -2026 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | | пайыз менен | |
| | Валютанын бирдиги үчүн сом | январь-февралына 2025 | декабрына 2025 | Валютанын бирдиги үчүн сом | январына 2026 | декабрына 2025 |
| АКШ доллары | 87,4 | 100,1 | 100,0 | 87,5 | 100,0 | 100,0 |
| Евро | 103,0 | 113,5 | 100,6 | 103,5 | 100,9 | 101,1 |
| Россия рубли | 1,1 | 126,7 | 101,3 | 1,1 | 101,7 | 102,1 |
| Казак теңгеси | 0,2 | 102,9 | 102,2 | 0,2 | 102,1 | 103,3 |
| Өзбек суму | 0,0 | 108,2 | 99,3 | 0,0 | 98,6 | 98,6 |

## Социалдык сектор

**Демографиялык кырдаал [1].** Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны, 2026-ж. январында 9,2 миң адамга же 0,1 пайызга көбөйдү жана 2025-ж. 1-февралына карата 7 млн. 414 миң адамды түздү.

**68-таблица: 2026-жылдагы туруктуу калктын санынын аймактар боюнча өзгөрүлүшү**
*(миң адам)*

| | Калктын саны | | Жалпы өсүү | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-январга карата | 1-февралга карата | миң адам | пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **7 404,3** | **7 413,6** | **9,3** | **0,1** |
| Баткен облусу | 605,3 | 606,3 | 1,0 | 0,2 |
| Жалал-Абад облусу | 1 379,9 | 1 381,8 | 1,9 | 0,1 |
| Ысык-Көл облусу | 554,3 | 554,7 | 0,4 | 0,1 |
| Нарын облусу | 316,2 | 316,5 | 0,3 | 0,1 |
| Ош облусу | 1 438,5 | 1 440,2 | 1,7 | 0,1 |
| Талас облусу | 282,9 | 283,1 | 0,2 | 0,1 |
| Чүй облусу | 983,7 | 984,6 | 0,9 | 0,1 |
| Бишкек ш. | 1 358,6 | 1 360,7 | 2,1 | 0,2 |
| Ош ш. | 484,9 | 485,7 | 0,8 | 0,2 |

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесинин маалыматы боюнча 2026-ж. январында ЖААК органдарында 10,9 миң жаңы төрөлгөн ымыркай же калктын 1000ине 17,3 адам (2025-ж. январында - 18,1) жана 2,7 миң өлгөндөр же калктын 1 000ине алганда 4,3 адам (2025-ж. январында - 5,0) катталган. Натыйжада калктын табигый өсүүсү 8,2 миң адамды же калктын 1 000ине 13,0 адамды (2025-ж. январында - 13,1) түздү.

[1] Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесинин маалыматы боюнча Улутстатком электрондук түрдө «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын пайдалануу менен алат. Мында жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө маалыматтарды аймактык бөлүштүрүү арыз ээлеринин катталган жери боюнча жүргүзүлөт. Маалыматтар Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформанын жыйынтыгы боюнча аймактык бирдиктердеги өзгөрүүлөрдү эске алуу менен кайра эсептелген.

### 69-таблица: Январдагы калктын табигый кыймылы

| | Адам | | Калктын 1000ине[1] | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2026-ж. 2025-ж. карата пайыз менен |
| Төрөлгөндөр (тирүү) | 11 225 | 10 897 | 18,1 | 17,3 | 95,6 |
| Өлгөндөр | 3 090 | 2 730 | 5,0 | 4,3 | 86,0 |
| анын ичинен 1 жашка чейинки балдар | 143 | 128 | 12,7[2] | 11,7[2] | 92,1 |
| Калктын табигый өсүүсү | 8 135 | 8 167 | 13,1 | 13,0 | 99,2 |
| Никелешүүлөр, бирдик | 3 649 | 3 823 | 5,9 | 6,1 | 103,4 |
| Ажырашуулар, бирдик | 1 215 | 1 287 | 2,0 | 2,0 | 100,0 |

[1] Бул жерде жана мындан ары айлык ыкчам отчеттуулуктун көрсөткүчтөрү бир жылга карата кайра эсептелинип берилди, б.а., түзүлгөн кырдаал бир жылдын ичинде өзгөрүлбөсө, көрсөткүчтөр ошол бойдон калат.
[2] Тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине алганда.

2026-жылдын январында калктын табигый өсүүсүнүн эң жогорку деңгээли Баткен, Жалал-Абад Ош, облустарында белгиленди, ошол эле убакта эң төмөнкү деңгээли Бишкек шаарында белгиленди.

### 70-таблица: Январдагы калктын табигый өсүүсү

| | Адам | | Калктын 1000ине | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **8 135** | **8 167** | **13,1** | **13,0** | **99,2** |
| Баткен облусу | 876 | 917 | 17,4 | 17,8 | 102,3 |
| Жалал-Абад облусу | 1 839 | 1 955 | 15,9 | 16,7 | 105,0 |
| Ысык-Көл облусу | 517 | 478 | 11,1 | 10,2 | 91,9 |
| Нарын облусу | 341 | 403 | 12,8 | 15,0 | 117,2 |
| Ош облусу | 1 969 | 1 979 | 16,3 | 16,2 | 99,4 |
| Талас облусу | 270 | 332 | 11,3 | 13,8 | 122,1 |
| Чүй облусу | 905 | 936 | 11,0 | 11,2 | 101,8 |
| Бишкек ш. | 844 | 639 | 7,5 | 5,6 | 74,7 |
| Ош ш. | 574 | 558 | 14,3 | 12,8 | 89,5 |

Өлгөндөрдүн жалпы санынын ичинен жарымынан көбү (55 пайызы) кан айлануу системасынын ооруларына, 12 пайызы шишик ооруларына, 7 пайызы - өлүмдүн тышкы себептерине, 6 пайызы - дем алуу органдарынын ооруларына туура келди.

### 71-таблица: Январдагы өлгөн адамдардын санынын өлүмдүн себептери боюнча бөлүнүшү

| | Адам | | | Калктын 100 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Өлгөн адамдардын бардыгы** | **3 090** | **2 730** | **-360** | **499,3** | **433,9** | **86,0** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| кан айлануу системасынын оорулары | 1 706 | 1 491 | -215 | 275,7 | 236,9 | 85,9 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 247 | 177 | -70 | 39,9 | 28,1 | 70,4 |
| шишик оорулары | 353 | 334 | -19 | 57,0 | 53,1 | 93,2 |
| өлүмдүн тышкы себептери | 182 | 193 | 11 | 29,4 | 30,7 | 104,4 |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| транспорттук жаракат алуулар (бардык түрү) | 83 | 69 | -14 | 13,4 | 11,0 | 82,1 |
| кокустан алкоголдон ууlануу | 6 | 6 | - | 1,0 | 1,0 | 100,0 |
| өзүн-өзү өлтүрүү | 17 | 21 | 4 | 2,7 | 3,3 | 122,2 |

| | Адам | | | Калктын 100 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| өлтүрүү | 1 | 1 | - | 0,2 | 0,2 | 100,0 |
| тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 138 | 128 | -10 | 22,3 | 20,3 | 91,0 |
| айрым жугуштуу жана мите оорулары | 57 | 38 | -19 | 9,2 | 6,0 | 65,2 |
| кош бойлуу кезде, төрөт учурунда жана төрөгөндөн кийинки мезгилде татаалдануулар | 2 | - | -2 | 17,8[1] | - | - |

[1] Тирүү төрөлгөн балдардын 100 миңине эсептегендеги өлгөн аялдардын саны.

Ымыркайлардын өлүмүнүн негизги себептери болуп перинаталдык мезгилде келип чыккан абал эсептелет, андан 2026-жылдын январында 80 наристе же бир жашка чейинки балдар арасында каза болгон учурлардын жалпы санынын 63 пайызы, өнүгүүнүн тубаса кемтиктеринен – 24 ымыркай (19 пайыздан) жана дем алуу органдарынын ооруларынан - 13 бала (10 пайыздан) каза болгон.

**72-таблица: Январдагы бир жашка чейинки өлгөн балдардын санынын өлүмдүн себептери боюнча бөлүнүшү**

| | Адам | | | Төрөлгөндөрдүн (тирүү)10 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Бардыгы** | **143** | **128** | **-15** | **127,4** | **117,5** | **92,1** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| перинаталдык (төрөлгөндөн кийинки) мезгилде пайда болгон айрым абалдар | 90 | 80 | -10 | 80,2 | 73,4 | 91,6 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 14 | 13 | -1 | 12,5 | 11,9 | 95,7 |
| тукум куучу бузулуулар (өрчүү оорулары), деформация жана хромосомалык бузулуулар | 27 | 24 | -3 | 24,1 | 22,0 | 91,6 |
| айрым жугуштуу жана мите оорулары | 4 | 1 | -3 | 3,6 | 0,9 | 25,8 |
| нерв системасынын оорулары | - | 4 | 4 | - | 3,7 | - |
| өлүмдүн тышкы себептери | 1 | 1 | - | 0,9 | 0,9 | 103,0 |

**Калктын жугуштуу жана мите оору-сыркоолору.** 2026-жылдын февралында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча курч респиратордук-вирустук инфекциясын кошкондо, жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган 42 миң учур катталды. Жугуштуу жана мите ооруларынын түзүмүндө курч респиратордук-вирустук инфекциялар (84,7 пайыз) басымдуулук кылды. Курч ичеги инфекциясы оорусунун үлүшүнө оорулардын - 4,6, пайызы, аныкталган козгогучтарды алып келген гастроэнтериттер, колиттер - 1,1, аскаридозго - 1,5 жана энтербиозго - 2,0 пайызы туура келди.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу калктын 100 миңине эсептегенде сифилис оорусу (2 эсеге), курч ичеги инфекцисы (16,4 пайызга), курч респиратордук-вирустук инфекциясы (4,9 пайызга) жана бруцеллез (6,7 пайызга) оорусунун олуттуу өсүшү белгиленди.

Ошол эле убакта үстүбүздөгү жылдын январь-февралында эпидемиологиялык абал вирустук гепатит (76,3 пайызга) жана ботулизм (33,3 пайызга) ооруларынын олуттуу азайышы менен мүнөздөлдү.

**73-таблица: Январь-февралдагы айрым жугуштуу жана мите оорулары менен калктын оору-сыркоосу**

*(бейтаптарда катталган оорулар, калктын 100 миңине)*

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2025** | **2026** |
| Вирустук гепатит | 43,7 | 10,4 | 96,5 | 23,7 |
| АИВ инфекциясы | 2,7 | 2,2 | 103,8 | 81,5 |
| Курч ичеги инфекциясы | 40,4 | 47,9 | 146,4 | 118,6 |
| Бруцеллез | 1,5 | 1,6 | 107,1 | 106,7 |
| Кургак учук | 8,5 | 7,0 | 100 | 82,3 |
| Курч респиратордук-вирустук инфекция | 1 155,3 | 1 233,2 | 125,9 | 106,7 |
| Сифилис | 0,8 | 1,9 | 72,7 | 237,5 |
| Ботулизм | 0,3 | 0,2 | 60,0 | 66,7 |

2026-ж. январь-февралында 2025-ж. январь-февралына салыштырмалуу жалпы республика боюнча аныкталган козголгучтар алып келген гастроэнтериттер,колиттер оорусунун 31,0 пайызга көбөйүшү менен анын Баткен (59,0 пайызга), Нарын (11,3 пайызга) жана Чүй (8,0 пайызга) облустарында төмөндөшү байкалган, ошондой эле бруцеллез (6,7 пайызга) көбөйүшү менен анын Бишкек ш. (75,0 пайызга), Чүй облусунда (39,3 пайызга), Ош облусунда (33,3 пайызга) жана Нарын облусунда (16,4 пайызга) төмөндөшү байкалган. Бактериялык дизентерия оорусунун өсүшү (25,0 пайызга) анын Чүй облусунда (2,0 эсеге) жана Бишкек ш. (1,8 пайызга) көбөйүшү менен шартталган.

**74-таблица: 2026-жылдын январь-февралындагы аймактар боюнча калктын жугуштуу жана мите ооруларынын айрым түрлөрү менен оору-сыркоосу**

*(мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен; калктын 100 миңине)*

| | Кургак учук | Бактериялык дизентерия | Бруцеллез | Вирустук гепатит | Аныкталган козгогучтар алып келген гастроэнтериттер, колиттер | АИВ инфекциясы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **82,4** | **125,0** | **106,7** | **23,8** | **131,0** | **81,5** |
| Баткен облусу | 70,0 | 21,4 | 200,0 | 17,1 | 41,0 | 125,0 |
| Жалал-Абад облусу | 94,0 | 69,2 | 185,7 | 15,4 | 124,4 | 92,9 |
| Ысык-Көл облусу | 85,7 | 0,0 | 136,4 | 45,8 | 122,7 | 48,5 |
| Нарын облусу | 88,4 | 0,0 | 83,6 | 19,1 | 88,7 | 31,6 |
| Ош облусу | 81,9 | 0,0 | 66,7 | 50,5 | 188,9 | 68,8 |
| Талас облусу | 169,4 | 0,0 | 157,1 | 5,1 | 280,0 | 157,1 |
| Чүй облусу | 75,2 | 233,3 | 60,7 | 14,5 | 92,0 | 104,3 |
| Бишкек ш. | 82,0 | 182,4 | 25,0 | 21,9 | 250,0 | 81,8 |
| Ош ш. | 63,9 | 36,4 | 100,0 | 34,6 | 1 217,6 | 70,0 |

Ош, Талас облустарында жана Ош шаарында жугуштуу жана мите оорулар менен ооругандардын көбөйгөндүгү белгиленген.

**75-таблица: Январь-февралдагы аймактар боюнча калктын жугуштуу жана мите оорулары менен оору-сыркоосу**

*(бейтаптарда катталган оорулар, калктын 100 миңине)*

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2025** | **2026** |
| **Кыргыз Республикасы** | **1 385,5** | **1 387,0** | **117,1** | **100,1** |
| Баткен облусу | 1 549,6 | 1 311,8 | 129,7 | 84,7 |
| Жалал-Абад облусу | 700,3 | 679,4 | 123,3 | 97,0 |
| Ысык-Көл облусу | 2 106,6 | 1 901,4 | 161,3 | 90,3 |

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2025** | **2026** |
| Нарын облусу | 1 302,5 | 1 039,3 | 209,0 | 79,8 |
| Ош облусу | 624,0 | 1 120,1 | 96,5 | 179,5 |
| Талас облусу | 877,3 | 1 269,7 | 113,0 | 144,7 |
| Чүй облусу | 1 972,7 | 1 730,8 | 125,2 | 87,7 |
| Бишкек ш. | 2 359,5 | 2 202,8 | 93,0 | 93,4 |
| Ош ш. | 1 021,0 | 1 032,6 | 141,9 | 101,1 |

**Кылмыштуулук.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматтары боюнча 2026-жылдын январь-февралында 6,1 миң кылмыш иши катталды, алардын саны 2025-жылдын январь-февралынын деңгээлине салыштырмалуу 4,3 пайызга көп. Алардын ичинен 784 оор жана өзгөчө оор кылмыштар, бул 2025-жылдын январь-февралына салыштырмалуу дээрлик 4,3 пайызга аз. Кылмыштардын негизги бөлүгү менчикке каршы кылмыштар болгон, алардын үлүшү 2026-жылдын январь-февралында 72 пайызды түздү.

**76-таблица: Январь-февралда катталган кылмыштардын аймактар боюнча саны**

| | Бардыгы - учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2025** | **2026** |
| **Кыргыз Республикасы** | **5 809** | **6 058** | **89,0** | **104,3** |
| Баткен облусу | 157 | 279 | 66,2 | 177,7 |
| Жалал-Абад облусу | 538 | 617 | 125,7 | 114,7 |
| Ысык-Көл облусу | 351 | 524 | 92,4 | 149,3 |
| Нарын облусу | 143 | 137 | 106,7 | 95,8 |
| Ош облусу | 410 | 469 | 68,1 | 114,4 |
| Талас облусу | 138 | 184 | 109,5 | 133,3 |
| Чүй облусу | 692 | 709 | 71,8 | 102,5 |
| Бишкек ш. | 2 900 | 2 475 | 95,5 | 85,3 |
| Ош ш. | 480 | 664 | 77,7 | 138,3 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында инсанга каршы кылмыштардын саны өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу жалпы республика боюнча 22,8 пайызга көбөйгөн. Мында ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү менен жасалган кылмыштардын саны - 9,0 пайызга, адам өлтүрүү - 7,4 пайызга кыскарган, ошол эле учурда зордуктоолордун саны - 1,4 эсеге өскөн.

2025-жылдын январь-февралына салыштырмалуу менчикке каршы кылмыштардын санынын 8,9 пайызга көбөйгөн, алдамчылык учурларынын саны - 1,6 эсеге өсүшү менен шартталган, ошол эле учурда каракчылык учурларынын саны 1,9 эсеге, уурулук - 30,8 пайызга, опузалап талап кылуу - 22,5 пайызга жана тоноо - 16,4 пайызга азайган.

Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө байланыштуу кылмыштардын санынын олуттуу азайышы (9,4 пайызга) белгиленген. Мындай кылмыштардын эң көп үлүшү (48 пайыздан ашык) баңгизаттарды сатуу максатында сактоо жана баңгизаттарды сатуу максатысыз сактоо (47 пайыздан ашык) менен байланышкан.

2026-жылдын январь-февралында коомдук жайларда жасалган 757 кылмыш иши катталды, алардын ичинен эң көбү уурулук (38,4 пайыз), ээнбаштык (11,4 пайыз) жана тоноочулук (3,7 пайыз) учурларына туура келди.

**77-таблица: Январь-февралда катталган кылмыштардын негизги топтор боюнча саны**

| | Бардыгы - учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Инсанга каршы жасалган кылмыш | 561 | 689 | 89,9 | 122,8 |
| анын ичинен: | | | | |
| өлтүрүү | 28 | 26 | 90,3 | 92,9 |
| зордуктоо | 25 | 35 | 71,4 | 140,0 |
| ден соолукка оор зыян келтирүү | 41 | 40 | 102,5 | 97,6 |
| ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү | 67 | 61 | 109,8 | 91,0 |
| Менчикке каршы жасалган кылмыш | 4 030 | 4 390 | 89,6 | 108,9 |
| анын ичинен: | | | | |
| уурулук | 2 107 | 1 459 | 80,1 | 69,2 |
| алдамчылык | 1 490 | 2 345 | 104,6 | 157,4 |
| тоноо | 128 | 107 | 82,6 | 83,6 |
| каракчылык | 21 | 11 | 100,0 | 52,4 |
| опузалап талап кылуу | 40 | 31 | 105,3 | 77,5 |
| Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө байланышкан кылмыштар | 181 | 164 | 47,5 | 90,6 |
| анын ичинен: | | | | |
| баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо | 103 | 79 | 34,7 | 76,7 |
| баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо | 73 | 78 | 93,6 | 106,8 |
| Экономикалык багыттагы кылмыш | 378 | 289 | 114,5 | 76,5 |
| ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу | 14 | 16 | 100,0 | 114,3 |
| контрабанда | 14 | 11 | 93,3 | 78,6 |
| салыкты төлөөдөн качуу | 18 | 7 | 180,0 | 38,9 |
| Кызматтык кылмыштар: | | | | |
| кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу | 119 | 99 | 83,8 | 83,2 |
| паракорчулук | 71 | 35 | 173,2 | 49,3 |
| бийликтен аша чабуу | 6 | 5 | 300,0 | 83,3 |
| коррупция | 24 | 78 | 240,0 | 325,0 |
| Ээнбаштык | 187 | 195 | 81,0 | 104,3 |
| Автомототранспорт каражаттарынын кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздук эрежелерин бузуу | 73 | 64 | 110,6 | 87,7 |

2026-жылдын январь-февралында кылмыш жасаган 3,0 миң адам кармалды, бул 2025-ж. тиешелүү мезгилине салыштырганда 6,3 пайызга көп. Алардын жалпы санынын 13,4 пайызын аялдар, 4,3 пайызын жашы жете электер түздү, ал эми алардын ичинен 66,5 пайызы эч жерде окубаган жана иштебеген адамдар.

**78-таблица: Январь-февралда кылмыш жасагандардын курамы**

| | Адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кармалгандардын - бардыгы** | **2 822** | **2 999** | **134,1** | **106,3** |
| анын ичинде: | | | | |
| эркектер | 2 474 | 2 597 | 135,0 | 105,0 |
| аялдар | 348 | 402 | 127,9 | 115,5 |
| Кылмыш кылган учурдагы курагы боюнча: | | | | |
| 14-17 жаш | 232 | 130 | 126,8 | 56,0 |
| 18-24 жаш | 513 | 680 | 121,0 | 132,6 |
| 25-28 жаш | 334 | 303 | 129,5 | 90,7 |
| 29 жаш жана андан улуу | 1 743 | 1 884 | 140,9 | 108,1 |
| Кылмыш кылган учурдагы иши боюнча анын ичинен: | | | | |
| иштегендер | 45 | 82 | 78,9 | 182,2 |
| билим берүү уюмдарында окугандар менен студенттер | 99 | 80 | 91,7 | 80,8 |
| окубагандар жана иштебегендер | 2 030 | 1 993 | 134,4 | 98,2 |

2026-жылдын январь-февралында жашы жете электер тарабынан 130 кылмыш иши жасалган. Мындай кылмыштардын эң көп саны уурулукка туура келет, кылмыш жасаган балдардын жалпы санындагы алардын салыштырма салмагы - 33,1 пайызды, тоноочулук - 17,7 пайызды жана алдамчылык - 8,5 пайызды түздү.

Муну менен катар, 2026-ж. январь-февралында кылмыштуу кол салуулардан 238 жашы жете элек балдар жабыркаган. Балдардын эң көп саны уурулуктан жабыркаган, алардын үлүшү жабыркаган балдардын жалпы санынын 19,7 пайызын түзөт, он алты жашка толо элек балдар менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттерден - 13,9 пайызын, тоноочулуктан жана зордуктоодон - 9,2 пайызы жабыркаган. Кылмыштуу аракеттердин натыйжасында 13 бала каза болгон, ал эми 55 бала денесинен жаракат алышкан. Жашы жете электерге карата жасалган кылмыштардын эң көп саны 28,6 пайызы - Бишкек шаарында, 15,1 пайызы - Жалал-Абад облусунда, 13,9 пайызы - Ош шаарында жана 11,3 пайызы - Ысык-Көл облусунда болгон.

2026-жылдын январь-февралында республиканын аймагында аялдарга карата 2 085 кылмыш жасалган, алардын эң көп үлүшү 45,7 пайызы - Бишкек шаарына, 10,5 пайызы - Чүй облусуна жана 10,1 пайызы - Ысык-Көл облусуна туура келген. Жабыркаган аялдардын жалпы санынын 50,7 пайызы алдамчылыктын жана 26,7 пайызы уурулуктун натыйжасында жабыркаган.

2026-жылдын январь-февралында улгайган курактагы жарандарга каршы 248 кылмыш катталган. Мындай учурлардын 40,3 пайызын - алдамчылык, 23,0 пайызын - уурулук, 7,7 пайызын - төлөмдүн электрондук каражаттарын, виртуалдык актив капчыгын жана SIM-картаны үчүнчү жактарга атайылап өткөрүп берүү же сатуу түзгөн. Жабыркагандардын эң көп саны Бишкек шаарында - 31,0 пайызы, Чүй облусунда - 14,9 пайызы, Жалал-Абад облусунда жана Ысык-Көл облусуна - 12,1 пайызы белгиленди.

**3. 2025-жылдагы туризм чөйрөсүнүн абалы жөнүндө**

2026-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасында туризм чөйрөсү менен байланышкан экономикалык ишмердикти жүргүзгөн 148,1 миң чарба жүргүзүүчү субъект (юридикалык жана жеке жактар) катталды. Бул санга туристтик товарларды өндүрүүчү, аларды сатуучу жана туристтик-экскурсиялык кызматтарды көрсөтүүчү ишканалар, ресторандар, туристтердин жашоосу, эс алуусу жана көңүл ачуулары менен байланышкан жайгаштыруу жайлары (коруктар, улуттук табигый парктар, альплагерлер), бардык түрдөгү транспорт ишканалары ж.б. кирет.

Алардын негизги бөлүгү - 33,8 миң субъект же 22,5 пайызы Бишкек шаарында, 21,0 миң же 14,2 пайызы - Ош облусунда, 18,4 миң же 12,4 пайызы Чүй облусунда, 19,5 миң же 13,2 пайыз - Ош шаарында.

Чарба жүргүзүүчү субъекттердин (юридикалык жана жеке жактардын) жалпы санынын ичинен 20,7 миңи же 14,0 пайызы рекреация жана эс алуу тармагында кызмат көрсөтүүчү ишканалар (мейманкана чарбаларынын, эс алуу базаларынын, ресторандардын, дарылануу-ден соолукту чыңдоочу профилакторийлердин кызмат көрсөтүүлөрү) катары катталган. Негизинен мындай чарба жүргүзүүчү субъекттердин 8,2 миңи (39,6 пайызы) Бишкек шаарында жана 3,2 миңи (15,4 пайызы) Ысык-Көл облусунун курорттук зоналарында жайгашкан.

Туризм чөйрөсүндө жеке ишкердик ишмердиги менен 129 миң жеке жактар же катталган чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы санынын 87,1 пайызы алектенет.

2025-жылы 842 эс алуу мекемелери жана туризм уюмдары *туристтерди кабыл алып, аларга кызмат көрсөтүштү,* анын ичинде, жайгаштыруунун адистештирилген каражаттары - 188 (17 санаторий, анын ичинен балдар санаторийлери - 5, санаторий-профилакторийлер - 11, туристтик база жана эс алуу базалары - 40, ден соолукту чыңдоочу лагерь - 20, дарылоосу менен эки пансионат жана пансионаттар - 98), мейманкана жана жайгаштыруунун ушул сыяктуу каражаттары - 388, жаратылыш парктары жана коруктар - 11, башка туристтик мекемелер - 153, ошондой эле турфирмалар, туроператорлор, турагентстволор - 102. Андан тышкары 2 316 мейман үйлөрү туристтерди кабыл алып, аларга кызмат көрсөтүштү.

2025-ж. туризмдин уюштурулган секторунда жайгашкандардын саны - 1 780 миң адам, бул өткөн жыл менен салыштырмалуу 1,5 эсеге көп, туризмдин уюштурулбаган секторунда - 1 736 миң адам же 1,3 эсеге көп.

Туристтик фирмалар аркылуу 2025-жылы 74 миңге жакын адам жөнөтүлдү, алардын ичинен 49,8 миң адам башка өлкөлөргө жана Кыргызстандын ичине жөнөтүлгөн Кыргызстандын жарандары, ал эми 24,0 миң адам Кыргызстанга саякаттап келген башка өлкөлөрдүн жарандары.

Туризм чөйрөсүндө түзүлгөн *кошумча дүң нарк* 2025-ж. алдын ала баалоо боюнча 74,4 млрд. сомду же ИДПга карата 3,8 пайызды (2024-ж. - 3,6 пайыз) түздү.

Туризм объекттерин курууда 2025-ж. *негизги капиталга инвестициялардын* 19 млрд. сомдон ашыгы өздөштүрүлдү, бул 2024-ж. деңгээлинен 3,3 пайызга аз.

Негизги капиталга инвестициялардын жалпы көлөмүндөгү туризм объекттерин курууга сарпталган негизги капиталга инвестициялардын үлүшү 5,2 пайызды (2024-ж. - 8,5 пайыз) түздү. Автожолдорду, мейманканаларды, пансионаттарды, эс алуу үйлөрүн, соода ишканаларын ж.б. куруу, калыбына келтирүү жана оңдоо иштери жүргүзүлдү.

2025-ж. калкка 7,6 млрд. сомго туристтик-экскурсиялык *тейлөөлөр* көрсөтүлдү, бул 2024-ж. салыштырганда 23,3 пайызга көп, санатордук-курорттук кызмат көрсөтүүлөр - 2,4 млрд. сомго көрсөтүлдү, бул 32,2 пайызга көп.

Мейманканалар жана кыска мөөнөттүү жашоо үчүн багытталган башка жайлар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү 2025-ж. 11,1 млрд. сомду түздү, бул 2024-ж. караганда 9,9 пайызга көп. Ресторандар жана башка тамактануу ишканалары тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү 20,9 пайызга жогорулап, 26,1 млрд. сомду түздү.

Туристтерди ташуудан түшкөн киреше 17,3 млрд. сомду түзүп (учурдагы баада), 2024-ж. салыштырганда 3,5 пайызга көбөйдү.

2025-ж. өнөр-жай ишканалары тарабынан туризмди өнүктүрүү үчүн *чыгарылган товарлар* 4,9 млрд. сомго, же 2024-ж. караганда 26,7 пайызга көп өндүрүлдү.

Элдик - көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарын чыгаруунун 5,9 пайызга кыскарышы, ар кандай буюмдарды өндүрүүнүн азайышы менен шартталды (сувенирлер, ж.б.).

Спорттук - туристик инвентарларды чыгаруу 6,4 пайызга жогорулады, бул ээр-токуу шаймандарын, чемодандарды, жол сумкаларын жана ушул сыяктуу буюмдарды өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды.

Минералдык суулар жана улуттук суусундуктар 4,5 млрд. сомго өндүрүлдү, бул өткөн жылга салыштырганда 30,5 пайызга көп болду.

*Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту* (чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуудан түшкөн киреше) бааланган маалыматтар боюнча 2025-ж. 1 098,5 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-ж. салыштырмалуу 8,1 пайызга көбөйдү.

*Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту* (кыргыз жарандарынын чет өлкөдөгү чыгымдары) баалоо маалыматтары боюнча 2025-ж. 564,0 млн. долларды түзүп, 2024-жылга салыштырганда 3,3 пайызга жогорулады.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улутстаткомунун төрагасынын**
**биринчи орун басары** **Н.К. Керималиева**